**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН УЛУТТУК ИЛИМДЕР АКАДЕМИЯСЫНЫН Ч.АЙТМАТОВ АТЫНДАГЫ ТИЛ ЖАНА АДАБИЯТ ИНСТИТУТУ**

**ЖУСУП БАЛАСАГЫН АТЫНДАГЫ КЫРГЫЗ УЛУТТУК УНИВЕРСИТЕТИ**

**Д. 10.16.525 ВЕДОМСТВОЛОР АРАЛЫК ДИССЕРТАЦИЯЛЫК КЕҢЕШ**

***Кол жазма укугуна***
***УДК:398.5(575.2) (043.3)***

**АБАКИРОВ КУРМАНБЕК**

# МАНАСТААНУУ ИЛИМИНИН КАЛЫПТАНЫШЫ ЖАНА ӨНҮГҮШҮ

Адистиги: 10.01.09 – фольклористика

Филология илимдеринин доктору окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн жазылган диссертациянын
**АВТОРЕФЕРАТЫ**

**Бишкек – 2017**

Диссертациялык иш Кыргыз Республикасынын Улуттук илимдер академиясынын Ч.Айтматов атындагы Тил жана адабият институтунун «Манас», фольклор жана акындар поэзиясы бөлүмүндө аткарылды.

**Илимий консультант:** филология илимдеринин доктору, профессор
**Акматалиев Абдылдажан Амантурович**

**Расмий оппоненттер:** филология илимдеринин доктору, профессор
**Кыдырбаева Раиса Заитовна**

филология илимдеринин доктору, профессор
**Керим Шамшадин Турсынулы**

филология илимдеринин доктору, профессор
**Эшонкулов Жоппар Солиевич**

**Жетектөөчү мекеме:** И.Арабаев атындагы Кыргыз мамлекеттик университети: Манастаануу институтунун манастаануу жана маданияттаануу кафедрасы. Дареги: 720026, Бишкек ш., Раззаков көчөсү, 51.

Диссертация 2017-жылдын 22-ноябрда саат 13:00 дө КР УИАнын Ч.Айтматов атындагы Тил жана адабият институтунун жана Ж.Баласагын атындагы Кыргыз Улуттук университетине караштуу филология илимдеринин доктору (кандидаты) окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн жазылган диссертацияларды коргоо боюнча түзүлгөн Д.10.16.525 диссертациялык кеңештин жыйынында корголот.

Дареги: 720071. Бишкек ш., Чүй проспектиси, 265а.

Диссертация менен КР Улуттук илимдер академиясынын илимий китепканасынан таанышууга болот. Дареги: 720071, Бишкек шаары, Чүй проспектиси, 265 а.

Автореферат 2017-жылдын 21-октябрында таркатылды

**Диссертациялык кеңештин окумуштуу**
**катчысы, филология**
**илимдеринин кандидаты** **Ыйсаева Н.Т**

## ИШТИН ЖАЛПЫ МҮНӨЗДӨМӨСҮ

«Манас» эпосу коомдук сынчыл ой-пикирдин жана профессионал илимдин баамына түшкөн мезгилден тарта эле жөнсалды, карапайым чыгарма эмес экендиги баамга урунуп, атайы белгиленип келди да, ХХ кылым ичинде ал адабий-фольклордук чектен тышкары тарых, философия, эстетика, педагогика, укук, лингвистика, психология, этнография, теология, театр, опера жана балет, музыка, көркөм адабият, улуттук декоративдик-прикладдык искусство, аткаруучулук өнөр, элдик каада-салт, улуттук идеология, саясат, мамлекеттик түзүлүш, көркөм сүрөт, скульптура, кино, география, экология өңдүү илимдердин, искусство түрлөрүнүн, руханий ишмердүүлүктүн, коомдук иш-чаралардын, көрүнүштөрдүн өткөндөгү жана бүгүнкү орчундуу маселелери менен тикелей байланышта иликтенип, үзгүлтүксүз маданий-социалдык, рухий турмуш-тиричилик процессине кошулду.

**Теманын актуалдуулугу.** Бир жарым кылымдан бери «Манас» эпосуна байланыштуу жазылган жүздөгөн эмгектердин ирдүүлөрү, б.а., илимий-теориялык пайдубалы бекем, ой чабыты терең жана деңгээли жогору тургандары биригип келип бүгүнкү күндөгү улуттук маданий-рухий, көркөм-эстетикалык аң-сезимдин, тарыраак мааниде кыргыз фольклористикасынын «Манастаануу» деп аталган олуттуу салаасын түздү. «Манаска» байланыштуу түрдүү илимий, илимий-популярдуу, көркөм-адабий эмгектердин, маданий иш-чаралардын, тармак-салаалардын бардыгы (ар бири өз алдынча максат аркалаганы менен) биригип келип «Манастаануу» деп аталган көркөм-адабий, ал түгүл коомдук-мамлекеттик реалдуу түшүнүккө кирет, б.а., алардын бардыгын «Манас» эпосунун асылзаада идеялары жана образдары өзүнө бириктирип, бекитип турат. Алардын өзү кезегинде «Манас» эпосунда баян этилген орчундуу окуялар, анын даңазалуу каармандары жана асыл идеялары кыргыз турмушундагы олуттуу коомдук-социалдык, маданий, көркөм-рухий көрүнүш, түшүнүк гана эмес, азыркы замандын активдүү фактору болсо, ал илим катары качан, кайда пайда болуп, бүчүрлөп, өнүгүү жолуна түшкөн деген суроонун өзүн күн тартибине коёру анык.Бул багытта жазылган эмгектердин көбүндө «Манас» эпосун ар башка манасчылардан жазып алуу, аларды басмага даярдоо жана жарыялоо, ушул тармактарда иштеген адамдардын ишмердүүлүгү, совет мезгилиндеги эпостун оош-кыйыш тагдыры, залкар манасчылардын өмүрү жана жомокчулук өнөрү тууралуу сөз болот. Конкреттүү бир проблема боюнча бири-бирин сындаган же колдоого алган учурларды эске албаганда, манасизилдөөчүлүк эмгектердин тематикалык-проблематикалык багыттары жана топтору, алардын ички мазмунуна карай илимий-теориялык деңгээлдери тууралуу үзүл-кесил гана сөз болуп, манастаануунун илим катары жаралышы (генезиси), ички динамикасы жана эволюциясы дээрлик изилдене

элек. Биздин эмгек мына ушул маселенин өзөктүү жактарынын ажатын ачуу максаты менен жазылды жана анын актуалдуулугу да ушуну менен түшүндүрүлөт.

**Диссертациянын темасынын негизги илимий изилдөө иштери менен байланышы.** Илимий изилдөөнүн темасы Кыргыз Республикасынын Улуттук илимдер академиясынын Ч.Айтматов атындагы Тил жана адабият институтунун тематикалык планына ылайык келет.

**Изилдөөнүн максаты жана милдеттери.** Манастаануу илиминин генезисине, жаралуу, өнүгүү жана калыптануу эволюциясына окумуштуулардын ирдүү эмгектеринин жана эпостун классикалык тексттеринин негизинде адабий-теориялык иликтөө жүргүзүү биздин диссертациянын максаты болуп, ага ылайык төмөнкүдөй милдеттер коюлду:

- Манастаануу илиминин предметин айкындап, элдик башаттарынан тарта бүгүнкү күнгө чейинки эволюциясын сыпаттоо;
- Эпос тууралуу жазылган иликтөөлөрдүн объективдүү мазмунуна карай манастануунун тармак-багыттарын, өнүгүш этаптарын айкындоо;
- Кыргыз фольклористикасынын теориялык пайдубалын түптөгөн В.Радловдун эпикалык чыгармачылык жана аны жаратып-аткаруучулар тууралуу көз карашын талдоо;
- Кыргыз эпосторунун жанрдык классификациясын иликтеп, анын системасында тарыхий-баатырдык эпос «Манастын» ордун белгилөө;
- Илимпоздордун «Манас» эпосу тууралуу ирдүү эмгектерин системалап, алардагы көз караштарды тематикалык-проблематикалык топторго ажыратып, талдоо жүргүзүү;
- Жомокчулук-манасчылык тууралуу карама-каршы жана чаташ көз караштарды талдап, тыянак чыгаруу;
- Эпос чагылдырган тарыхий доор маселесин изилдеген окумуштуулардын эмгектерин кеңири анализдеп, тиешелүү жыйынтыктар чыгаруу;
- Эпостун образдар системасы жана андагы адам таануу түшүнүгү тууралуу көз караштарды талдоого алуу.

Манастаануу илими десе эле анын тарыхы, б.а., ал боюнча жазылган эмгектерди, иш-чараларды хронологиялык тартипте тизмелеп чыгуу деп түшүнүү тардык кылат. Аны, албетте, ошол илим баскан тарыхсыз элестетүүгө болбойт. Бирок бул жетишсиз. Бүгүнкү күндүн бийиктигинен алганда, манастаанууда таза тарыхий-адабий көрүнүштөрдөн тышкары «Манас» тууралуу илимий изилдөөлөрдүн ичтейине үңүлүп кирүү, аларды проблематикалык-тематикалык топторго ажыратып, көз караштардын мазмундук жалпылык-өзгөчөлүктөрүн айкындоо милдети турат. Биздин иликтөө көбүн эсе мына ушул милдетти аркалайт, б.а., эпоско арналган ирдүү

эмгектердин ички мазмуну, аларда козголгон маселелердин тобу, ой жүгүртүүлөрдүн ырааттуулугу жана ынанымдуулугу, башкалардан өзгөчөлүгү жана окшоштугу деген маселелер изилдөөбүздүн предмети болуп түштү.

**Диссертациялык иштин илимий жаңычылдыгы**. Албетте, «Манас» боюнча жазылган жүздөгөн эмгектерде көтөрүлгөн маселелердин баарын бир иште талдап, жалпылаштырууга мүмкүн болбоду да, изилдөөчүнүн баамында, алардын эң орчундуулары деп эсептелген маселелер, болгондо да ички байланышы көрүнүп турган жагдайлар бөлүнүп алынды. Муну менен катар изилдөөдө манастаануунун элдик башаттарынан тарта анын өзөктүү объектилик-предметтик жагын эмнелер түзөт деген маселеге кеңири назар салынып, анын тармак-багыттары сыпаттоодон өткөрүлдү жана кыргыз эпосторунун классификациясы, В.Радловдун кыргыз элинин эпикалык чыгармачылыгы тууралуу көз карашы атайын талдоого алынды. Мындан тышкары биздин эмгекте манас изилдөөчүлөрдүн жомокчулук-манасчылык өнөр жана анын табияты, эпостун кыргыз эли басып өткөн тарыхий жолу, тагдыры менен ажырымсыз байланышы, анын кан-жанын түзгөн образдар тууралуу көз караштары алыстык-жакындыктары боюнча талдоого алынып, тиешелүү жыйынтыктар чыгарылды. Бул жагынан биздин иликтөөбүз манастаануудагы толугу менен өз алдынча, жаңычыл иш болуп саналат.

**Илимий иштин теориялык жана методологиялык негизи.**

Изилдөөдө тарыхий-обзордук, салыштырма-типологиялык, адабий-теориялык талдоо методдору кеңири колдонулуп, А.Н.Веселовский, В.Пропп, П.А.Гринцер, А.А.Потебня, Б.Путилов, А.Коңыратбаев, Ш.Ибраев, Е.Турсунов, Х.Зарифов, С.Каскабасов, Ш.Керим, К.Матыжанов (ж.б.) сыяктуу белгилүү илимпоздордун жана ушул эле диссертациянын изилдөө объектиси болуп түшүп, кыргыз элдик эпикалык поэзиясын жана «Манас» эпосун ар кандай даражада изилдөөгө алышкан В.Радлов, М.Ауэзов, К.Рахматуллин, В.Жирмунский, Б.Юнусалиев, М.Богданова, А.Бернштам, Р.Кыдырбаева, С.Мусаев, Е.Мелетинский, Р.Сарыпбеков, И.Молдобаев, Э.Абдылдаев, З.Мамытбеков, Ж.Суванбеков, К.Кудайбергенов, М.Борбугулов, М.Мамыров, Б.Кебекова, Т.Танаев, С.Закиров, С.Байгазиев, А.Акматалиев, А.Эркебаев, Ш.Акмолдоева, К.Райхл, М.Мамбетакун, Ж.Орозобекова (ж.б.) сыяктуу адабиятчы-фольклористердин эмгектери анын теориялык-методологиялык негизи катары да кызмат өтөдү.

**Алынган натыйжалардын илимий-теориялык жана практикалык мааниси.** Диссертациялык иштин теориялык жыйынтыктары манастаануу илиминин өнүгүшүнө тишелүү салымын кошот. Кыргыз эпостаануусунун теориялык-практикалык маселелерине, алардын тарыхий өсүп-өнүгүү процессине кызыккан фольклорист, адабиятчы, тарыхчы, философ, педагог, культуролог (ж.б.) адистер, окутуучулар жана аспиранттар, магистранттар жана

студенттер тиешелүү маалыматтар аркылуу анын кыймылдуу панорамасын элестете алышат. Диссертациянын материалдарын жогорку окуу жайларында кыргыз фольклорун жана аны тарых, культурология, философия, педагогика менен байланыштуу окутуу ишинде, атайын курстарды өтүүдө жана тиешелүү илимий изилдөөлөрдү жүргүзүүдө пайдаланууга болот.

**Коргоого коюлуучу негизги жоболор:**

- «Манас» эпосунун дээрлик бир жарым кылымды өз ичине камтыган изилдөө тарыхы бар жана ал жөнөкөйдөн татаалга, жалпылыктан конкреттүүлүккө, үстүрттүктөн тереңдикке өтүү жолу менен өнүгүп келген.
- Эпосту изилдөө иштери коомдук өнүгүү менен тикелей байланышта болуп, ал дуушар болгон өөдө-төмөндүктөргө жараша жаралуу, өнүгүү жана калыптануу процесстерин баштан кечирип, бир нече этапты басып өткөн.
- Манастаануунун башаты элдик сөз өнөрүнүн көркөм эстетикасына барып такалганы менен нукура илимий сыпатка ээ болуп, өнүгө баштоосу жана калыптанышы В.Радлов, М.Ауэзов, К.Рахматуллин, В.Жирмунский, А.Бернштам, М.Богданова, Б.Юнусалиев, С.Мусаев, Р.Кыдырбаева, Э.Абдылдаев, Р.Сарыпбеков,А.Сыдыков, С.Бегалиев, И.Молдобаев, А.Жайнакова, М.Мамыров, З.Мамытбеков, М.Борбугулов, С.Байгазиев, Ш.Акмолдоева (ж.б.) сындуу ондогон илимпоздордун эмгектери менен түздөн-түз шартталат.
- Фольклордук чыгарма катары «Манас» эпосунун жанрдык, стилдик, көркөм-идеялык сын-сыпаты жалпы эле баатырдык эпостордун салттарына байланышып, аткаруучу-манасчылардын өнөрү ошондой эле чыгармаларды аткаруу салттарынан келип чыкканы менен анын улуулугу менен түшүндүрүлгөн бир топ өзгөчөлүктөргө ээ болот.
- «Манас» эпосунун кыргыз элинин тарыхы менен тикелей байланыштуулугу, ал ошол элдин көркөм эпизацияланган тарыхы экендиги шексиз. Бирок эпос чагылдырган тарыхий доорлор окумуштуулардын пикиринде жүздөгөн жылдарды ичине алат, эпос ошого жараша узак эволюциялык процесстен өтүп, калыптанган эпикалык чыгармачылыктын бийик үлгүсү болуп эсептелет.
- «Манас» эпосу чагылдырган тарыхий доорлор, катмарлар боюнча илимпоздор арасында бирдиктүү пикир жок жана ал тарыхий так маалыматтардын жетишсиздиги, эпостун өзгөчө көп катмарлуулугу, анда көөнө архаика менен мифологиянын, жомок менен фантастиканын катарында реалдуулугу таасын байкалган образдардын, көрүнүштөрдүн, маалыматтардын удаалаш жайгашуусу, аларды так ажыратып салуунун татаалдыгы менен түшүндүрүлөт.
- Эпос образдар системасы боюнча да көп түстүү, мозаикалуу чыгарма. Анда да эл тарыхындай эле архаика менен реализм жанаша орун алган

жана ушунун өзү окумуштуулар арасында образдардын инсандык, нравалык сапаттары боюнча өзгөчө талаштар жаратпаганы менен тарыхий негиздүүлүгү тууралуу кайчы пикирлердин жашоосуна себепкер катары чыгат.

**Изденүүчүнүн жеке салымы.** Манастаануу илиминин жаралуу, өнүгүү жана калыптануу жолу С.Мусаев, З.Мамытбеков, Э.Абдылдаев, К.Кырбашев, К.Ботояров, С.Байгазиев, К.Жумалиев сындуу илимпоздор тарабынан эпосту жазып алуу, жарыялоо, варианттарындагы жалпылыктар менен өзгөчөлүктөрдү айкындоо, манасчылардын өнөрүнө саресеп салуу өңдүү практикалык иш чаралардын оош-кыйыш тарыхтары таризинде сыпатталып келсе, биздин иликтөөдө анын теориялык маселелери күн тартибине коюлуп, тарыхий-баатырдык эпостун табиятын, жанрдык өзгөчөлүктөрүн, «Манас» эпосунун кыргыз эпосторунун системасында алган ордун ачып берүүгө алгач ирет кеңири назар салынды. «Манаска» байланыштуу иликтөөлөр талдоодон өткөрүлүп, аны изилдөө жолундагы кардиналдуу проблемалар топтоштурулуп, алардын өзөктүү учурларынын маани-мазмуну талданып, изилдөөчүнүн жеке көз карашына ылайык тыянактар чыгарылды. Манастаануунун тарыхы боюнча мындай изилдөө мурда жүргүзүлгөн эмес жана изилдөөчүнүн жекече салымы ушуга байланышат.

**Изилдөөнүн апробациясы.** Диссертациянын илимий жыйынтыктары КР УИАнын Ч.Айтматов атындагы Тил жана адабият институтунда, К.Тыныстанов атындагы Ысык-Көл мамлекеттик, Ош, Талас, Нарын мамлекеттик, И.Арабаев атындагы Кыргыз мамлекеттик, Х.Карасаев атындагы Бишкек гуманитардык, эл аралык Ататүрк-Алатоо жана Кыргыз-Түрк «Манас», Аль-Фараби атындагы Казак улуттук жана Ж.Баласагын атындагы Кыргыз улуттук университеттеринде жана бир катар коомдук уюмдар тарабынан өткөрүлгөн республикалык жана эл аралык илимий конференцияларда баяндалган.

**Изилдөөнүн жыйынтыктарынын жарыяланышы.** Диссертациялык иликтөөнүн материалдары боюнча «Соолубас дайралар шоокуму» аттуу «Манас» эпосу жана кыргыз фольклору тууралуу макалалар жыйнагы (-Бишкек, 2013, 13 б.т.), «Манастаануу илиминин калыптанышы жана өнүгүшү» деген монография (КЭР, Үрүмчү ш., 2016, 25,3 б.т.), «Манастаануу» аттуу авторлор тобу тарабынан түзүлгөн окуу китебинин ирдүү бөлүмү (КЭР, Үрүмчү ш., 2016. -1-110-б.) жана РИНЦ менен КР ЖАКтын тизмесине кирген басылмаларда 39 макала жарык көргөн.

**Иштин структурасы:** диссертациялык иш киришүүдөн, төрт главадан, корутундудан жана библиографиядан турат.

## ИЗИЛДӨӨНҮН НЕГИЗГИ МАЗМУНУ

Диссертациянын Киришүү бөлүмүндө теманын актуалдуулугу, илимий изилденүү деңгээли, максаты, милдеттери, объектиси, илимий жаңылыгы,

практикалык мааниси, коргоого сунуш кылынган жоболор, изилдөөнүн жыйынтыктарынын апробацияланышы чагылдырылды.

Диссертациянын **«Манастаануу илими жана анын тарыхий-теориялык маселелери»** аттуу I главасы төрт параграфтан турат да, анын **«Манастаануунун элдик башаттары»** деп аталган биринчи параграфында манастаануунун улуттук кыртыштагы эң баштапкы булагы элдик сөзтаануу эстетикасы менен «Манас» эпосунун өзүндө жаткандыгы тууралуу сөз болот. «Манас» эпосунда «Жомок башы» аттуу көркөм адабий чыгармалардагы пролог сындуу таңгаларыктай мазмундуу жана терең кириш бөлүм бар. Элдин көрөгөч жана баамчыл, учкул жана чексиз ойломунун туундусу болгон бул киришмеде эпосто сөз боло турган каармандардын, окуялардын, болмуштардын ачык жана туюк, сырдуу жана каймана чоо-жайы кыска сыпатталат да, чыгарманын эл турмушундагы мааниси, салмагы ошол эле элдин көзү, элдин сөзү менен берилет. «Жомок башы» - учу-кыйырсыз тарыхтын, эсепсиз жылдардын көркөмдөлүп, гиперболизацияланган философиясы. Эстетикалык керектөөсү, туюм-сезими өскүлөң эл гана жомок сымал айтылган чыгарманы ошол жомоктуулугунан ажыратып, өзүнүн өткөнү, учур турмушу жана келечеги менен өтмө катар байланышкан көркөм-эпикалык чындык иретинде кабылдап, таасын жана терең баа бере алат. Манастаанунун башаты качан жаралганы белгисиз мына ушул саптарда жатат десек болот. “Жомок башы” ага чейин элдин аң-сезиминде бүчүрлөп, узак мезгилде бузулгус болуп калыптанган баа-ченемдердин поэтикалык концентрациясы экендиги да талаш туудурбайт. Аны «Манастын» кыскача резюмеси жана поэтикалык мүнөздөмөсү катары да кароого болот. «Манас» монументалдуу эпос катары негизинен калыптанып бүтүп (анын ирдүү бөлүмдөрү көбүнэсе өз-өзүнчө айтылып келсе да), В.Радлов айткандай элдин аң-сезиминде бир бүтүн чыгарма катары жашай баштаган кезде, ага болгон элдин мамилеси, көз карашы, позициясы же баа-ченеми да толук, бүткөн абалга келгенде гана «Жомок башы» жаралган болуу керек.

Демек, элдик манастаануунун башатында көчмөн турмуш, жоокердик заман шарттарында узак мезгилде калыптанган адамдын сүйлөө, сөз кадырын, анын ичинен көркөм сөз наркын баалоо жөндөмүнө, ага удаалаш оозеки поэтикалык чыгармалардын идеялык-мазмундук жана эстетикалык нарк-насилине коюлган бийик жана кыйла катаал элдик талап, ошого ылайык аларга берилген ар тараптуу баа-ченем же сынчыл мамиле жатат. Ошентип, манастаануу дегенибиз жөнөкөйлөтө айтканда - эпосту баалоо, ага болгон мамиле жана көз караш болсо, анын генезиси элдик сөзтаануу эстетикасына барып такалат.

**«Манас» эпосун изилдөө тарыхы жана анын өнүгүү жолдору»** аттуу экинчи параграф эпосту изилдөөнүн жалпы маселелерин жана изилдөөчүнүн

жекече баамына ылайык ажыратылган анын түрлөрүн, алардын жалпылыктарын жана өзгөчөлүктөрүн айкындоого арналган. «Манас» боюнча бир жарым кылымдан ашуун мезгилден бери жарыяланган эмгектер (монографиялар, жакталган диссертациялар, энциклопедиялар, окуу китептери, методикалык куралдар, түрдүү көлөмдөгү илимий жана илимий-популярдуу сансыз макалалар, эпостун өзүнүн жарык көргөн тексттери жана анын кара сөз, кыскартылган, кошмо, бириктирилген, академиялык варианттары ж.б.) өзүнчө эле бир чоң китепкананы түзөт. Бул жагынан ага кечээки жана бүгүнкү кыргыз коомундагы бир дагы маданий, көркөм-рухий көрүнүш тең келбейт.

Манастаануу илиминин өнүгүшү жана калыптануусу эпосту жыйнап, жарыялап, элге жеткирүү сыяктуу мамлекеттик иштерден тышкары аны изилдөө иштерин уюштуруу менен тикелей байланышта болгону талашсыз. Бул иште мамлекет менен бийликтин өкүлдөрү катары чыккан түрдүү мекемелелерден (министрликтер, окуу жайлары, ар кандай комиссия-комитеттер, илим-изилдөө борборлору ж.б.) тышкары чыгаан илимпоздордун көз караштары жана демилге-сунуштары да маанилүү роль ойногон. Алсак, эпосту этнографиялык аспектиде изилдөө маселесин С.Абрамзон 1948-жылы жазылган «Киргизский героический эпос «Манас» как этнографический источник (к постановке проблемы)» аттуу макаласында эле көтөрүп, этникалык тарых жана этногенез (1), чарбачылык жана материалдык маданият (2), коомдук жана үй-бүлөлүк мамилелер (3), рухий маданият (4), маданияттын башаттары (5) сыяктуу багыттардын алкагында кайсы темаларга өзгөчө көңүл буруу керектигин сөз кылган. Окумуштуунун пикиринде эпостун жалпы элдик аң-сезимди калыптандырган эстелиги экендиги (1), патриархалдык-обшиналык жана өнүгүп келе жаткан патриархалдык-феодалдык түзүлүштөрдүн карама-каршылыгы (2), кыргыз элинин эстетикалык көз карашы (3), каармандардын жана манасчылардын ойлоосундагы рационалдуу жана иррационалдуу көрүнүштөр (4), жалпы дүйнөлүк этнографиялык сюжеттер (5), кыргыз элинин психиалык келбети (6), кыргыз коомундагы укук жана мораль (7), Орто Азия жана башка элдердин этникалык мамилелери (8) сыяктуу тематикалык схема айрыкча актуалдуу. [Абрамзон С. Киргизский героический эпос «Манас» как этнографический источник. -Китепте: «Манас» героический эпос киргизского народа. –Ф., 1968. –С. 203-211].

«Манас» эпосу бүгүнкүгө дейре кандай багыттар боюнча иликтенип келди деген суроого жалпы жооп издегенде, адеп эпос боюнча өз бет алдынча эмгектерден тышкары кандидаттык жана докторлук иликтөөлөрдүн тарыхына кыскача токтоло кетүү зарыл болуп чыгат. К.Рахматуллин, З.Бектенов, Т.Байжиев үчөө өткөн кылымдын 40-жылдарында ар кандай объективдүү себептерден улам диссертацияларын жактабай калышканын эске албаганда, тикелей «Манас» эпосу боюнча кыргыз адабияттаануусунда биринчи

кандидаттык диссертацияны залкар манас изилдөөчү С.Мусаев жактайт (1964). Андан кийин С.Бегалиев, Э.Абдылдаев, А.Сыдыков сыяктуу белсемдүү илимпоздор кандидаттык диссертациясын коргошот. 1960-жылдардан бери бардыгы болуп «Манас» эпосуна байланыштуу 50дөн ашык кандидаттык жана докторлук диссертациялар жазылган. Кандидаттык диссертациялардын 20сы, докторлук диссертациялардын төртөө (И.Молдобаев, Ш.Акмолдоева, З.Караева, С.Жумалиев) тил, тарых, философия жана эпосту окутуунун методикасына же илимдер аралык тармактарга тиешелүү болсо, бүгүнкүгө дейре «Манас» эпосун таза адабий, фольклордук призмадан караштырган 22 кандидаттык жана 4 докторлук (З.Кыдырбаева, 1982; Ж.Орозобекова, 2016; Г.Жамгырчиева, К.Калчакеев 2017) диссертация жакталган. Жалпы алганда диссертациялык иликтөөлөр «Манас» эпосун изилдөө проблемаларын конкреттештирип, жаңычыл деңгээлге көтөрүүгө олуттуу салым кошкондугун белгилей кетүү зарыл.

Ал эми эпостун өзү тууралуу илгери-кийин жазылган проблематикалык, тематикалык жактан көп түстүү иликтөөлөрдүн төмөнкүдөй өзгөчөлүктөрүн бөлүп көрсөтүүгө болот: 1. Эпос боюнча иликтөөлөрдүн жалпы мүнөзү бирдей эмес. Анын мүмкүн болгон маселелеринин дээрлик бардыгын жалпылаштыра караштырган эмгектер М.Ауэзов, В.Жирмунский, М.Богданова, С.Мусаев, Б.Юнусалиевдердин (ж.б.) калемдерине таандык. Аларда коюлган маселелер эреже катары кыска, кээде тезистик формада талданып, жалпы мүнөздөөлөр берилип, проблеманын орчундуу учурлары гана айкындалып, аны фундаменталдуу түрдө терең жана кең-кесири талдоого киришүү сыяктуу көрүнөт («Введение в изучение «Манаса» деген өз эмгегинин милдетин В.Жирмунский так ушундай аныктаган). Эреже катары мындай эмгектер бир маселе эмес, көп проблемаларды өз ичине камтып, жалпылоочу жүк көтөрөт. Демек, аларды манастаануудагы **жалпылама-багыттоочу** эмгектер десек болот. 2. Эпостун тигил же бул маселесине арналган **конкреттүү иликтөөлөр** манастаануунун 50-жылдардан кийинки өнүгүш этабына көбүрөөк мүнөздүү. Эгерде ага чейинки иликтөөлөрдүн көбү жалпылама-багыттоочу мүнөздө болсо, андан кийин эпостун көп тармактуу маселелерин так жана айкын максат менен иликтөө күч алганын көрөбүз. 1958-1962-жылдары эпостун кыскартылып, бириктирилген төрт томдугу жарык көргөндөн кийин аны тигил же бул конкреттүү темалар, багыттар боюнча изилдөөлөр арбып, анын варианттары, образдар системасы, андагы тарыхий окуялардын көркөм чагылышы, мифологиясы, этнографиясы, философиясы, космологиясы, педагогикасы, котормосу, тили ж.б. өз-өзүнчө иликтене баштады. Мындай иликтөөлөр бүгүнкү күндө кыйла эле көп.

Ошол эле учурда (биздин иликтөөнүн максат-милдеттерине ылайык) «Манаска» тиешелүү делген илимий эмгектерди дагы эки топ-багытка ажыратууга болот:

1. Эпостун өзү, анын көп сандаган маселелери тууралуу нукура манасизилдөөчүлүк эмгектер анын эң негизгиси жана ирдүүсү болуп эсептелет. Буга Ч.Валиханов менен В.Радлов «Манас» эпосу эмне болгон чыгарма, кыргыздардын эпикалык чыгармаларынын өзгөчөлүгү эмнеде деген маселелерди кырынан койгон иликтөөлөрдөн тарта анын идеялык-тематикалык, жанрдык-стилдик, поэтикалык, тарыхий, философиялык ж.б. көптөгөн проблемаларын чыгарманын өзүнө жана ар кандай булактарга таянуу менен изилдеген эмгектердин дээрлик бардыгы кирет. Демек, таза фольклористикалык-адабияттаануучулук мааниде манастаануу илиминин өзөктүү объектисин эпостун өзү, анын көп сандаган варианттары, алардын жалпылыктары жана өзгөчөлүктөрү, дегеле ага байланышкан, андан келип чыккан маселелер, жомокчу-манасчылардын чыгармачылыгы өңдүү түйүндүү маселелердин топтому туралуу М.Ауэзов, В.Жирмунский, К.Рахматуллин, М.Богданова, Б.Юнусалиев, Р.Кыдырбаева, С.Мусаев, Э.Абдылдаев, Р.Сарыпбеков, А.Сыдыков, И.Молдобаев, С.Бегалиев, А.Жайнакова, З.Мамытбеков, М.Мамыров, М.Борбугулов, Ш.Акмолдоева, С.Байгазиев (ж.б.) сындуу илимпоздордун кайсы гана убак болбосун өз маанисин жоготпогон, б.а., анын бардык мезгили үчүн илимий нарк-насилин сактап калган изилдөөлөрү бар.

2. Манастаануу илиминин адабий-фольклористикалык маанидеги экинчи багыт-тармагын эпос тууралуу жазылган биринчи топтогу эмгектерге баа берген, сынга алган, илимий салмак-ордун айкындаган, б.а., аларга карата экинчилик орунда турган иликтөөлөр түзөт. Мындай эмгектер «Манастын» өзү тууралуу эмгектерге караганда өтө аз жана алардын көбү иш жүзүндө обзордук-маалыматтык мүнөздө жазылган. Эпос боюнча практикалык иштерди жана илимий эмгектерди атайын иликтеген как З.Мамытбеков, К.Ботояров, И.Молдобаев, М.Мамыров, Э.Абдылдаев, К.Кырбашев, Ш.Акмолдоева, С.Байгазиев, К.Жумалиев өңдүү илимпоздордун изилдөөлөрү бул жерде сөзсүз эске алынышы керек. Көңүл бурчу жагдай – мындай эмгектердин дээрлик бардыгында манастаануунун тарыхы баяндалып, алардын мазмундук-типологиялык жалпылыктары жана өзгөчөлүктөрү бөлүп көрсөтүлбөйт. Манастаануунун илим катары тарыхын жана аны менен бирдикте бир катар теориялык маселелерин атайын иликтеп, белгилүү бир системага салуу аракетин көргөн залкар манастаануучу С.Мусаев болгон. Ал 2000-жылы жарыяланган **«Манастаануу илиминин тарыхы»** аттуу монографиясынын I китебинде XX кылымга чейин башталган кыргыз фольклорун жана «Манасты» жазып алуу, бастыруу жана изилдөө иштерин кеңири сыпаттоодон өткөрөт.

С.Мусаев манастаануу илимин эпостун текстин эл арасынан жыйнап, кагазга түшүрүү (1), аларды китеп түрүндө элге тартуулоо, которуу (2) жана эпосту изилдөө (3) деген үч багыт-бөлүмгө ажыратат [Мусаев С. Манастаануу илиминин тарыхы. I китеп. – Б., 2000.: 3-4-б.]. Эч кандай талаш жаратпаган бул бөлүштүрүү манастаануу илиминин адабий-фольклористикалык сыпатына толук дал келет.

**«Манастаануу илими: предмети жана багыт-тармактары»** деген үчүнчү параграфта төмөнкү маселелерге назар салынды. «Манастаануу илими, - деп жазат С.Мусаев, - түпкү негизинде кыргыз фольклористикасынын курамына кирип, илимдин ошол багытынын өзүнчө бутак-бөлүгү болгон менен, көп белгилери жактан өзүнө таандык бөтөнчөлүктөрү бар, анын үстүнө алгачкы кабар-маалыматтары элибиздеги оозеки чыгармалардын бардык үлгүлөрүнүн кайсынысынан алганда да алда канча узак убакыт мурда башталган багыт» [Мусаев С. Манастаануу илиминин калыптанышы жана өнүгүшү. – Китепте: Кыргыз адабиятынын тарыхы. VIII том.– Б: Шам, 2012. 35-б.]. Чындыгында эле ушундай. «Манас» кыргыз фольклоруна киргени менен анын курамындагы уникалдуу көрүнүш.

Көп тармактуу манастаануу илиминин фольклористикадагы башка багыттар менен чаташтырууга мүмкүн болбогон, өзүнө гана тиешелүү «курулуш материалы», б.а., объектиси бар. Ага ириде салттуу «Манас» эпосунун «классикалык» деген аталышка ээ болгон толук (Сагымбай, Саякбай, Ш.Рысмендеев, Тоголок Молдо, Ж.Мамай, М.Чокморов ж.б.) жана толук эмес (Ч.Валиханов, В.Радлов жазып алган бөлүмдөр, Тыныбек жана бир катар кийинки манасчылардын варианттары) варианттар кирет. Буларсыз «Манас» тууралуу илим жаралбайт эле. Эпостун өзү гана ал жөнүндөгү илимдин баштапкы жана негизги пайдубалы болуп, анын көп түрдүү маселелерин иликтөөгө таяныч болуп берет жана аны ой келгендей бурмалап, жок нерселерди күчтөп жабыштырууга, жок нерселерди андан күчтөп таап чыгууга жол берилбейт. Эпосту изилдөөнүн **эң негизги эрежеси** мына ушундай мамилеге муктаж, ушундай болгондо гана ал нагыз илимий талаптарга жооп бериши ыктымал. Манастаануучулар үчүн кыргыз тарыхындагы такталган же чындыгы жогору деп эсептелген тарыхий, этнографиялык, географиялык, диний (ж.б.) маалыматтар, жазма эстеликтер, белгилүү өлчөмдө элдик санжыра-уламыштар эпосту иликтөөдө таяныч катары кызмат кылат. «Маджму ат-таварих», Орхон-Енисей жазма эстеликтери жана ошондой эле кытай, араб, фарсы, орус (ж.б.) илимпоздору жазып калтырган маалыматтар аларга эпостун өзүнөн окшоштуктар, үндөштүктөр табылган учурда изилдөөчүлөрдүн ой калчап, салыштырып, кайсы бир тыянактар чыгаруусуна кеңири жол ачат. Кыргыз элинин өзүнүн калыпташкан, өткөн кездеги чарбачылыгын, каада-салт, жөрөлгөлөрүн жана коомдук аң-сезиминин байыркы, кийинки өзгөчөлүктөрүн

жана эволюциясын эпостун текстиндеги маалыматтар менен салыштырып изилдөө манастаанууда жыш колдонулган натыйжалуу каражат болуп эсептелет. «Манас» тууралуу илимий эмгектердин өзү ошол эле илимпоздор үчүн аны андан ары иликтеп, натыйжада кайсы бир жаңы көз караштардын, концепциялардын жаралышына алып келет. Мындай учурда илим өзүн өзү азыктандырган көрүнүш катары чыгат.

Ошентип, **биринчиден,** манастаануу илими катары даңазалуу үчилтик, айрыкча анын биринчи жана негизги бөлүгү болгон «Манас» эпосу тууралуу бири экинчисин жокко чыгарган, же бири экинчисин улантып-тереңдеткен же жаңы баам-ченемдерди ачкан адабий-фольклордук, тарыхый, маданий, адабий-эстетикалык, философиялык, педагогикалык, саясий-маданий көз караштардын, ой-пикирлердин калыптанып калган, бирок улам өзгөрүп, толукталып, кеңейтилип келген кыймылдуу системасын, алардын ушул күнгө чейинки бүткүл жыйынын түшүнөбүз. **Экинчиден,** булардан тышкары манастаануу катары бүгүнкү күнгө дейре ал тууралуу айтылган (элде, теле-радиодо, коомдук мекемелерде ж.б.) жана чакан ыр, эссе, ой-толгоолордон тарта поэмаларга, романдарга, сүрөт, скульптура, кино, музыка чыгармаларына, эпоско байланыштуу оюн-зоокторго, иш-чараларга чейин түрдүү темадагы жана түрдүү мазмундагы, түрдүү көлөмдөгү эмгектердин зор тобун түшүнсөк болот. Бул манастаануу илимин өтө кеңири түшүнүүнүн мисалы болот. Себеби бул түшүнүк манастаануу элдик-эпостук чыгарманын чегинен чыгып, коомдук-социалдык прогресстин, элдин рухий-маданий турмушунун туруктуу жана айныгыс көрүнүшүнө айланып кеткендигин айгинелейт. **Үчүнчүдөн,** «Манас» эпосун оозеки көркөм сөз өнөрүнүн ченемсиз жогорку деңгээлдеги кайталангыс, монументалдуу, залкар үлгүсү катары караган эмгектер, аларда айтылган көз караштардын, ой жоруулардын жыйынды-системасы манастаанууну таза адабий-фольклордук мааниде түшүнүүгө алып келет.Үңүлө караган адам манастаануу ушул мааниде алганда деле эбегейсиз көлөмдө жана көп тармактуу илим экендигин байкабай койбойт. **Төртүнчүдөн,** манастаанууну бул эпос тууралуу бир жарым кылымдан ашык мезгилден бери эпосту элге жеткирүү жолу, ал тууралуу мамлекеттик-саясий жана элдик көз караштардын, мамиленин эволюциясы катары мезгилдик-мейкиндик мааниде да түшүнүүгө болот.

«Манас» эпосу жана аны жаратып, сактап, өнүктүрүп келген залкар жомокчулардын чыгармачылыгы гана «Манастаануу» илимин жана анын тармактанып кеткен жогоркудай багыттарын жаратты. Ал ириде оозеки, фольклордук чыгарма экендиги талаш туудурбайт. Калган маселелердин бардыгы ушундан келип чыгат жана ага карата экинчи планда турат десек болот.

1. Жогортодо саналган илимпоздордун дээрлик бардыгы “Манасты” кыргыз тарыхы жана элдин жашоо-турмушу менен байланышы терең, оозеки эпикалык поэзиянын залкар үлгүсү катары карашат. Алардын баарынын башын бириктирген нерсе – маселеге (“Манас” эпосуна) өз учурундагы маалымат булактарына, эл аралык илимий-мектептердин жетишкендиктерине таянуу менен нагыз илимий изилдөөчүлүк мамиле жасоо. Биз бул багыттагы окумуштууларды традициялуу академиялык илимий мектептин өкүлдөрү десек болот.

2. Ошол эле учурда мындай илимпоздор менен катар “Манас” эпосун нагыз илимий, теориялык, методологиялык жол-жоболорго таянуу менен эмес, оозеки легендалардын, имиш, аңыз кептердин негизинде сыпаттоо аракеттери мурда да боло келген, азыр деле бар. Эреже катары мындай көз караштын фактылык базасы дээрлик жок, же өтө бошоң божомолдорго негизделет да, алар эпостун чыныгы табият-мазмунун ачып берүүгө жарамсыз болуп чыгат.

3. Эпостун көркөм, идеялык структурасына, андагы эпикалык сүрөттөмөлөргө, доор жана каармандар сыпатына дал келе бербеген, ар кайдан алынган жана ага коошпогон айрым тарыхый, этнографиялык, философиялык маалымат-булактарды, фактыларды ага күчтөп, жасалма жабыштыруу менен өз көз караштарын таңуулоо аракеттери болуп келген. Бул экөөндө тең (2, 3) субъективизм басымдуулук кылат. Сыртынан гана айрымдарына “илимий сыпат” берилгени менен мындай эмгектерде илимий-фактылык пайдубал жасалма же өтө орунсуз болот да, чыгарылган корутундулар ишенич жаратпайт. Бул экөөнү бирдикте шарттуу түрдө манастаануудагы жарым-жартылай илимий багыт деп койсок болот.

4. Манастаануудагы кийинки багыттын тамыры кыйла терең жана анын жаралып, өрчүшүнө эпостун өзү, айрыкча аны сактап, өнүктүрүп келген залкар манасчылар өнөрү баштапкы себепчи десек болот. Чоң манасчылардын дээрлик бардыгы өзүлөрүнүн “Манас” айтып калышын кереметтүү түшүндө аян алышы менен түшүндүрүп келишкени маалым. Эпосту үзүл-кесил, чала айткан, же жаттама манасчыларда мындай “себеп” кездешпейт. “Аян-түш” аркылуу көз ачыктар деп аталган адистер “Манастын” жаралышын Теңирге байланыштырат да, манасчыларды ошол Теңир “тандап алган” “өзгөчө касиеттүү” адамдар тобуна кошушат. Алардын пикиринде “Манас” элден чыккан таланттар эмес, Көк Теңирдин “көрсөтмөсү” менен жаралып, кыргыз элине гана тартууланган өзгөчө касиеттүү, ыйык сөз болуп эсептелет. Жалпы алганда көзү ачыктардын манастаануучулук эмгектери илимден тышкаркы багыт (илимий эмес) болуп эсептелет.

5. Манастаануудагы дагы бир илимий негизи дээрлик жок багытты эпостун кадыресе күйөрмандарынын жакшы тилек менен жазылган, бирок илимий негизи дээрлик жок макалалары (ой-толгоолору, божомолдору, мазмуну одага

жакын мактап-даңктоолору, суктануулары ж.б.), айрым китеп түрүндөгү эмгектер түзөт.

**“Манастаануу илиминин өнүгүш этаптары”** деген I главанын акыркы параграфында жогорку маселелердин тутуму башка өңүттөн каралып, автордун жекече көз карашы ачыкталат. Илим дегенибиздин өзү адамдын таанып-билүүсүнүн чегин кеңейтип, түшүндүрүү функциясын алып жүрөрүн эске алсак, манастаануу илиминин жаралышы үчүн таанып-билинип, түшүндүрүлүүгө тийиш болгон объект – «Манас» эпосу (1) жана аны жаратып, тараткан жомокчу-манасчылар (2) жана субъект – аларды иликтеп, аңдап-билип, түшүндүрө турган, бул тармакка кызыгуусу күчтүү, же даярдыгы жеткиликтүү кадрлар (3) болушу зарыл эле. Булардын биримдиги, айкаша келип, кыймыл башталбаган жерде манастаануу илим катары жаралбайт болчу. Мындай шарттын ыңгайы XIX кылымдын II жарымында Ч.Валиханов менен В.Радловдун Ала-Тоого келип, «Манас» эпосу жана жомокчу-манасчылар менен көзмө-көз жолугушуусу учурунда жаралды. Ошондуктан, манастаануу илиминин көз жарган учуру деп мына ошол XIX кылымдын II жарымын, ага чыйыр салгандар деп жыйноочулук, изилдөөчүлүк иштерди бир көтөргөн Ч.Валиханов менен В.Радловду атоого толук негиз бар.

Ушундай жагдайларды эске алганда, манастаануу илиминин жаралган, түптөлгөн мезгили деп Ч.Валиханов менен В.Радловдун эмгектерин эсептөө менен (1) андан аркы өнүгүш жолун 1920-1952-жылдар (2), 1952-1980-жылдар (3) жана эгемендүүлүк доорундагы манастаануу илими (4) деген этаптарга ажыратуу анын реалдуу абалын чагылдырат. Х.Карасаевдин 1930-жылдагы макаласынан баштап, М.Ауэзов, Е.Поливанов, Ө.Жакишев, Т.Байжиев, П.Берков, А.Бернштам, К.Рахматуллин, М.Богданова, В.Жирмунский, А.Валитова, Б.Юнусалиев сындуу илимпоздордун салмактуу эмгектери жаралды жана алардын жоон тобу «Манас» эпосунун олуттуу проблемаларын фольклористиканын ошол кездеги бийиктиктерине жооп берген, илимий-теориялык деңгээли жогору изилдөөлөр экени айдан ачык болуп калды. Алар бүгүнкү күндө да өз маанисин, илимий салмагын жоготпогондугун эске алганда, ошол жылдары манастаануу илими калыптана баштады дегендикти түшүндүрөт.

60-жылдардан тарта эпос боюнча мурдагыдай жалпылама-багыттоочу эмгектердин ордуна алда канча конкреттүү багыттагы изилдөөлөргө кезек келет. Буга Б.Юнусалиев, Р.Кыдырбаева, С.Мусаев, Э.Абдылдаев, К.Кырбашев, А.Жайнакова, М.Мамыров, С.Бегалиев, А.Сыдыков, Р.Сарыпбеков сыяктуу манасизилдөөчүлөрдүн 60-70-80-жылдардагы иликтөөлөрү айкын мисал болот. Булардан тышкары Б.Керимжанова, Ж.Субанбеков, К.Кудайбергенов, К.Кырбашев, Б.Кебекова, М.Борбугулов, З.Мамытбеков, И.Молдобаев, Т.Абдыракунов, О.Сooронов, А.Медетбеков, орус окумуштуулары

В.Жирмунский, А.Петросян, Е.Мелетинский, П.Берков, М.Богданова, С.Абрамзон, А.Бернштам, казак окумуштуулары А.Маргулан, Р.Бердибаев, К.Жумалиев, түркмөн окумуштуусу Х.Короглы, кытай окумуштуулары Ху Чжень Хуа, Лиуфажун, түрк окумуштуусу Т.Йылдырым, Европа окумуштуулары Р.Дор, А.Хатто, К. жана М.Чэдвиктер, Баура, К.Райхл жалпы эле эпос таануу жана «Манас» эпосу боюнча кыйла орчундуу эмгектер жаратышат. Мына ушул мезгилде, б.а., 60-70-80-жылдарды өз ичине алган 30 жылдыкта кыргыз манастаануусу ошол кездеги союздук жана дүйнөлүк фольклористиканын бийиктигинен алганда деле толук талапка жооп берген илим катары калыптанып бүтөт. Ошентип, дээрлик жүз жылды кучагына алган процесс аягына чыгарылат. Жогортодо аталган окумуштуулар менен катар Р.Кыдырбаеванын «Генезис эпоса «Манас» (1980) аттуу фундаменталдуу эмгеги кыргыз манастаануусунун бийиктиги жана этаптык көрүнүшү болуп калат. Ошондой эле мурда-кийин жарык көргөн Б.Юнусалиев, Р.Кыдырбаева, С.Мусаев, Э.Абдылдаев, К.Кырбашев, А.Жайнакова, М.Мамыров, С.Бегалиев, А.Сыдыков, Р.Сарыпбеков, И.Молдобаев, М.Борбугулов, Т.Абдыракунов, О.Сооронов, М.Убукеев, Ш.Акмолдоева, С.Байгазиев (ж.б.) сыяктуу кыргыз окумуштууларынын орчундуу изилдөөлөрү да ар бири өзүнчө максат аркалаганы менен манастаануудагы ушундай эле илимий салмагы оор эмгектердин катарына кирет.

Акырында «Манас» боюнча бараандуу эмгектер жазып, кыргыз эпостаануусу менен манастаануунун жаралып, телчигүүсүнө жана андан ары өнүгүп, калыптануусуна олуттуу салым кошкон илимпоздорду көз караштарынын ар түрдүүлүгүнө карабай атай кетүүнүн зарылдыгы бар. Ал илимпоздорду манастаануунун эволюциясына, кимиси эпосту кайсы мезгилде изилдөөгө киришкенине жараша төмөнкүдөй топтоштуруу ылайыктуу көрүнөт:

**1. XIX кылым жана 1920-жылга чейинки мезгил:** Ч.Валиханов, В.Радлов, Б.Смирнов, Г.Алмаши.

**2. 1920-1950-жылдар:** П.Фалев, Б.Солтоноев, К.Мифтаков, К.Тыныстанов, Х.Карасаев, М.Ауэзов, Т.Байжиев, Ө.Жакишев, К.Рахматуллин, Е.Мозольков, В.Жирмунский, М.Богданова, П.Берков, А.Бернштам, Ы.Абдрахманов, Т.Саманчин, А.Петросян, Е.Поливанов, В.Бартольд, А.Валитова, З.Бектенов, С.Абрамзон.

Аталган эки топтогу манасиликтөөчүлөрдүн илимий чыгармачылыгы негизинен көрсөтүлгөн мезгил бүктөмдөрү менен чектелери талаш жаратпайт, б.а., алардын «Манас» боюнча ирдүү иликтөөлөрү манастаануунун жаралышына жана калыптанышына кайталангыс салым кошкон эмгектер катары бүгүнкү күнгө дейре өз салмагын жоготпой келет.

**3. 1950-1980-жылдар:** Б.Юнусалиев, Ч.Айтматов, С.Мусаев, Б.Керимжанова, А.Салиев, А.Сыдыков, К.Кырбашев, Ж.Субанбеков,

Э.Абдылдаев, К.Кудайбергенов, Р.Сарыпбеков, С.Бегалиев, З.Мамытбеков, А.Медетбеков, Е.Мелетинский, Т.Абдыракунов, К.Асаналиев, Р.Кыдырбаева, А.Маргулан, Р.Дор, А.Хатто, А.Тагиржанов, Г.Волков, А.Боровков, Л.Климович, А.Жайнакова, Б.Кебекова, Х.Короглы, А.Мирбадалева, Н.Кидайш-Покровская, Р.Бердибаев, М.Мамыров, М.Борбугулов, И.Молдобаев, Ө.Караев, О.Сооронов, О.Исмаилов, А.Инан, Д.Йылдырым (ж.б.).

Бул топко киргизилген илимпоздордун көпчүлүгүнүн илимий ишмердигиндеги автивдүүлүк так ушул мезгилге туура келет. Мына ушул илимпоздордун эмгектери аркылуу манастаануу өзүнчө жана так иликтөө предмети бар, толук калыптанган илим таризинде көрүнөт. Бул илимпоздордун бир тобу кийин деле чыгармачылыгын улантышып, бир катар олуттуу эмгектер тартуулашып, манастаануунун андан ары алгалоосуна байкаларлык салым кошуп келишти.

**4. 1990-2015-жылдар:** М.Убукеев, А.Акматалиев, С.Байгазиев, Ш.Акмолдоева, К.Ботояров, С.Кайыпов, Ху Чженхуа, Г.Мукамбаева, К.Айдаркулов, М.Жумагулов, Т.Тургуналиев, А.Боронов, Б.Садыков, К.Садыков, С.Дүйшөнбиев, Г.Жамгырчиева, Н.Бекмухамедова, Ж.Орозобекова, К.Калчакеев, А.Бакиров, К.Талиева, И.Мусаева, Д.Айдарова, Г.Орозова, Р.Жолдошев, М.Мукасов, М.Өмүрбай, М.Мамбетакун, К.Ибраимов, С.Алиев, Т.Кулматов, М.Кошоев, Т.Чоротегин, К.Жумалиев, Т.Кененсариев, К.Райхл, С.Кляшторный, А.Мокеев, Т.Укубаев, А.Обозканов, А.Жоокаева, А.Кадырбаева, Д.Чынгышев, О.Айтымбетов, Т.Оторбаев, А.Эшиев, Б.Турал, К.Адиев, Т.Бакчиев, Д.Керимов (ж.б.).

Бул мезгилде «Манасты» изилдөөдө проблематикалык-тематикалык конкреттүүлүк, айкындуулук тенденциясы улантылып, тереңдетилгени ачык көрүнөт. Аталган илимпоздордун «Манасты» изилдөөдөгү орду, эмгектеринин илимий салмагы бирдей эмес. Алардын бир тобу эпосту узак мезгилдер бою туруктуу изилдеп келсе, бирин-серин болсо да айрым салмактуу макалаларды жарыялоо менен чектелгендери да бар.

Кыргыз эпосторунун жанрдык өзгөчөлүктөрүнө таандык теориялык маселелер фактылык материалдардын жана илимий көз караштардын тутумунан турган кеңири алкакта **«Манас» жана кыргыз эпостаануусу: башаттары жана классификация иштери»** аттуу II главада караштырылат. Бирок бул бөлүм **«В.Радлов жана кыргыз фольклорунун теориялык башаттары»** деген параграф менен ачылат. Себеби илимий-теориялык мааниси жогору саналган бул проблемаларды талдаганда В.Радловдун «Түндүк түрк урууларынын элдик адабиятынын үлгүлөрү» аттуу көп томдуктун V томундагы (Санкт-Петербург, 1885-ж.) **“Кириш сөзүн”** аттап кетүү мүмкүн эмес жана диссертанттын терең ишениминде анда теориялык жагдайлары алиге дейре үстүрт жана бошоң иштелген көп жанрлуу кыргыз фольклорунун, айрыкча

кыргыз эпостаануусу менен акын-жомокчулуктун кыйла маселелеринин учугу жатат.

В.Радлов акындык өнөрдүн (бул жерде – жомокчулуктун) өзүнүн баамына урунган өзгөчөлүктөрүн алар жараткан чыгармалар (бул жерде - эпос) менен бирдикте караштырат. «Манас» эпосуна жалпы талдоо жүргүзүп, башкы каармандар тарыхий адамдар болбостон, атам замандан бери элде айтылып келген мифтик каармандар экендигин, ислам дини тууралуу мотивдер чыгармага кийин киргендигин белгилей келип В.Радлов: «Эпосту элде кандай жашап келсе, ошондой элестетүү мүмкүн эмес. Эпос дегенибиз элдин бүткүл жашоо турмушунун жана умтулууларынын өз бет алдынча мүнөздөөчү белгилерден куралган поэтикалык сүрөттөмөсү», ... «эпос өзү биротоло бүткөрүлгөн нерсе эмес, ал эл менен жашап, аны менен кошо өзгөрүлүп турган элдин аң-сезиминин өзү болуп эсептелет», - деп жазат [Радлов В.В. Предисловие -В книге: Энциклопедический феномен эпоса «Манас». Сборник статей об эпосе «Манас». Сост. С.Алиев и др. –Б., 1995. –с. 33].

Ушул жерде В.Радлов эмне үчүн «Манас» үчилтигин өтө кыскартып жазгандыгынын себебин өзү түшүндүрө кеткендей көрүнөт. Ал эпостун элде айтыла жүргөн варианттардын бирин толук жазып алуунун кажетсиздигин анда баяндалган эпизоддордун тынымсыз өзгөрүшү варианттардын көбөйүшүнө алып келери, жазылып калбагандан кийин ал 10 жыл ичинде биротоло өзгөрүп кетери менен түшүндүрөт. М.Ауэзовдун пикири боюнча В.Радловдун поэтикалык тексттин үзгүлтүксүз жана чексиз өзгөрүлмөлүүлүгү тууралуу мындай көз карашы опурталдуу, б.а., аны биротоло кабылдоого болбойт [Ауэзов М. Киргизская народная героическая поэма «Манас». – В книге: Киргизский героический эпос «Манас». Сб. научных трудов. – М.,1961. –с. 22].

«Биз фин эпосунун жаралышынан улам дегеле эпостун жаралышы тууралуу корутунду жасап, эпосту өзү өз мезгилинин элдик акыны болгон адам гана түзө алат дейбиз» [В.Радлов: Көрсөтүлгөн китеп: 39-б.]. В.Радловдун бул корутундусу бүгүнкү күнгө дейре өз маанисин жогото элек. Анын пикири боюнча чыныгы элдик эпосту акындын жаратышы үчүн үч шарт болушу зарыл: 1) ал табиятынан эпикалык ырга шыктуу элдин өкүлү болот да, алардан (эпикалык ырлардан) мезгилдин өтүшү менен зор тарыхий окуялардын жардамы аркылуу чыныгы эпика жаратат; 2) чыныгы эпика толук гүлдөгөнгө чейин маданият келип чыкпашы керек да, мына ушул маданиятсыз доордо эл бир катар даңазалуу тарыхий окуялардын жана этикалык чайпалууларын сынагынан өтүшү керек; 3) эпиканын эң жогорку гүлдөгөн мезгилинде капыстан коомдун бараандуу бөлүгүн мурда болуп көрбөгөндөй маданий бийиктикке көтөргөн маданиятка ыкчам умтулуу пайда болушу зарыл[В.Радлов: Көрсөтүлгөн китеп: 40-б.]. Жогорку үч шарттын биринчи-экинчиси чыныгы эпикалык доордун жаралышын шарттаса, үчүнчүсү элдин аң-

сезими өткөндөгү даңазалуу окуяларды эскерүүдөн улам бүткүл элдик чыгармачылыктын жыйындысын өзүнө тартып турган улуу эпикалык борборду уюштурат. Ушул өңдүү тезис түрүндө гана айтылса да, рационалдык даны өнүмдүү болуп, кийин кыйла илимий ой-жогорууларга, гипотезаларга негиз болгон учурлар В.Радловдо аз эмес.

**«Кыргыз баатырдык эпосторун классификациялоонун тарыхий-теориялык проблемалары»** деген экинчи параграф жалпы эле кыргыз эпосторунун жанрдык классификациясынын тарыхын мүнөздөп, өздүк позицияны ачыктоого багытталган. Кыргыз фольклористикасында анын тутумуна кирген чыгармалардын жанрдык табиятын талдап түшүнүү, ага жараша аларды топтоштуруп, ажыратуу же классификациялоо деген түйүндүү жана татаал, али толук иштеле элек маселе бар. В.Я.Пропп белгилегендей «жанрларды аныктоо жана аларды классификациялоо маселелери, иш жүзүндө бир чоң маселенин эки жагы болуп эсептелет» [Пропп В.Я. Фольклор и действительность: избр. статьи. –М., 1976. с. 36].

Кыргыз фольклористикасында жанрларды айкындоо жана аларды классификациялоо аракеттери өткөн кылымдын 20-жылдарында эле башталганы менен (К.Мифтаков) кийинки аракеттер деле (К.Рахматуллин, М.Богданова, З.Бектенов, Т.Байжиев, Т.Саманчин, А.Тайгүрөңов, Ж.Суванбеков, М.Түлөгабылов, С.Закиров, М.Мамыров, К.Кудайбергенов ж.б.) көбүнчө тезистик же обзордук ыңгайда болуп, алардын мазмундук жана формалык табияты, тек-жайы жогорку илимий-теориялык деңгээлде терең жана ар тараптуу иликтенбей келген. Бул кенемтени өткөн кылымдын аяк ченинде гана фольклорист Т.Танаев, андан кийин А.Эркебаев, К.Ибраимовдор толтурууга аракет жасап, бир катар көзгө толумдуу эмгектерди тартуулашты. «Эпос, жомок, дастан, поэма, тарыхый ыр, баян» деген терминдер кээде алмак-салмак колдонула берсе да, тигил же бул чыгарманын жанрдык табиятына тактык киргизе албаганы байкалып турат. В.Я.Пропптун фольклордогу жанр дегенибиз **«анын поэтикасы, турмуштук колдонулушу, аткаруу формасы жана музыкалык жагдайы менен аныкталат»** деген [В.Я. Пропп:көрсөтүлгөн китеп. - с. 39.] жобосуна таянсак, жогорку чыгармалардын көбүн ичкертен казып, иликтеп, алардын бири-бирине жалпы жана өзгөчө белгилерин айкындоо керек болот.

Мында, албетте баатырдык эпостордун жомоктук (мифологиялык) жана тарыхий деген түрлөрүн эмнелер ажыратып турат, архаикалык баатырдык эпостун тарыхий-баатырдык эпоско айланышына эмнелер себеп болот, башкалардан «Манастын» өзгөчөлүгү эмнеде деген маселелерге айрыкча көңүл бурулат. М.Ауэзов жана К.Райхл кыргыз эпикалык традициясы башка элдердикинен өзгөчөрөөк дешкен учурда ириде «Манасты» көңүлгө алгандары далилдөөнү деле талап кылбаса, Е.Мелетинский «Манас» эпосу классикалык

эпостун көрүнүшү катары Саян-Алтай элдеринин да, Орто Азия элдеринин да эпикалык чыгармачылыгынан өзгөчө бөлүнүп (исключительность «Манаса» дейт окумуштуу – К.А.) турарын кыргыз элинин тарыхий тагдырынын өзгөчөлүгү менен тикелей байланыштырып: **«Этническая консолидация киргизов уже в I тысячелетии н.э. достигла государственности (Киргизское великодержавие IX-X вв.). Этот факт имеет большое значение в истории эпоса»**, - деп жазат [Мелетинский Е. Происхождение героического эпоса. Ранние формы и архаические памятники. – М., 1963. –с. 371-372]. Мындай маанилүү жана таасын пикир манасизилдөөчүлөр тарабынан эмнегедир эске алынбай келет. Биз мындан чыгармага көркөм материал болуп түшкөн «нерсе» (тарыхий окуя, каарман ж.б.), анын өзөктүү жактары ошол чыгарманын идеялык мазмун-пафосуна тикелей таасир берип, ал өз кезегинде анын жанрдык сыпат-келбетин калыптандырууда чечүүчү роль ойнойт деген жыйынтык чыгарсак болот.

Белгилүү бир коомдук тарыхий маани-милдет көтөргөн эпикалык фон, элдик идеалды чагылдырган баатырлар, тарыхий өткөн чактын элдик поэтикалык концепциясы иретинде көрүнгөн патриоттук пафос (эпикалык-героикалык идеализация), элдин мамлекеттүүлүккө умтулуу жолундагы консолидация процесси сыяктуу көрүнүштөр баатырдык эпостун эң негизги жанрдык мүнөздөмөлөрүнө кирет.

**«Жомокчу-манасчылыктын табияты тууралуу көз караштар»** деп аталган III глава бир канча подтемаларга ажыратылган 2 параграфтан туруп, алардын ар биринде залкар манасчылардын чыгармачылыгынын негизинде жомокчу-манасчылыктын элдик жана илимий табияты кеңири сыпаттоодон өткөрүлөт да, талаштуу маселелер боюнча автор өз көз карашын сунуш кылат. «Манас» жана манасчылыктын тутумдаштыгы: иликтөөлөр жана проблемалар» аттуу I главанын «Маселенин методологиялык жагдайлары» деген бөлүмүндө коюлган маселенин түйүндүү учурларына назар салынып, иликтөөнүн жалпы багыттары айкындалат.

Манасчылык өнөргө нукура илимий мамилени В.В.Радлов негиздеп, мындай өнөрдүн эң мазмундуу жагы болгон ырчылык-төкмөлүктүн табиятына кылдат назар салып, кыргыз ырчыларын (акындарын) грек аэддерине салыштырса, манастаануунун кийинки этаптарында манасчылардын өмүр жолу, чыгармачылыгы түш көрүп, аян алуу өңдүү көрүнүштөр менен кошо дүңүнөн сыпатталып келсе, XX кылымдын 70-80-жылдарынан тарта ал кыйла терең иликтенип, 2000-жылдардан кийин саясий-идеологиялык, диний, философиялык, ал тургай мистикалык көз караштарга сугарылып, курч талаш-тартыштардын объектисине айланып кетти.

Манасчылык менен «Манас» эпосунун залкар оозеки чыгарма катары жашоосун ажыратууга болбойт. Чыгаан манастаануучу Р.Кыдырбаева таасын

белгилегендей: «Манасты» манасчы жаратат, дал ошондой эле «Манас» өзү манасчыны жаратат. Дал ушул кош бирдиктүү диалектикалык чыгармачыл процессте улуу эпос менен универсал айтуучунун ортосундагы теңтайлаштык, б.а., конгениалдуулук келип чыгат» [Кыдырбаева Р. Мезгилдер, муундар жана манасчы. – Китепте: Кыргыз адабиятынын тарыхы. «Манас» жана Манасчылар. – Б: Шам, 2004. -614-б].

«Манас» жана манасчылыктын табиятын айкындоо иштери (изилдөөлөр) тарыхий-баатырдык эпостун жаралышы тууралуу дүйнөлүк фольклористикада кабыл алынган же орундуу, негиздүү деп эсептелген ой-жорумдар (1),эпостун калыптанышында салттуулуктун мааниси жана аны элге тартуулоонун (оозеки аткаруучулар жана жазгыч манасчылар) жолдору (2), манасчылык өнөрдө табыгий шык-жөндөм деп эсептелген төкмө-ырчылыктын чечүүчү ролу (3), андагы таалим алуу, же устат-шакирт маселеси (4), жогорку эки жагдайдын айкалышынын натыйжасында манасчылыктын ар түрдүү даража-тепкичтеринин (5) жана мектептеринин (6) келип чыгышы жана кийинки учурларда бутташтыруу, күчтөп жасалмалоо жолу менен алдыңкы планга чыгарылган, же манасчынын тагдырын айкындоочу роль ыйгарылган «кайып-арбактар дүйнөсү» деген проблемалардын (7) тутумунан турат. Бирок бул көз караш түрк элдеринин, тагыраак айтканда «Манастын» ыр түзүлүшүн изилдеп, түпкүлүктүү сапат катары «ритмика-синтаксистик параллелизмди эпикалык ырдын негизи» деп эсептешкен илимпоздор (В.Жирмунский, З.Ахметов, И.Стеблева, В.Шаповалов) тарабынан колдоого алынган эмес.

Фольклордо тигил же бул чыгарманын жашоосун, өсүп-өнүгүшүн шарттаган көрүнүш анын аткарылышы болуп эсептелет. Аткарылбаган чыгарма акырындап жок болот. Бул бир чети ошол чыгарманын идеялык маани-маңызы, көркөмдүк деңгээли элди канааттандырбай калганы же аны андан ары көтөрмөлөп аткара турган өнөрпоздордун азайып, бара-бара жок болушу менен түшүндүрүлөт. Фольклористтер көп элдерде кайсы бир замандарда жалаң поэтикалык формада жашаган чыгармалар аларды кийин ошол түрүндө өнүктүрүп, аткарууга жарамдуу ырчы-акындардын азайышынан улам кара сөз аралаша баштап, же айрым жерлери гана ыр формасында болуп, кара сөзгө басылып каларын байкашкан. Мындай чыгармаларды К.Райхл “прозаметрикалык” деген термин менен мүнөздөйт.

Чыгарманын оозеки аткарылышы, анын көп жагдайларга байланыштуу өзгөчөлүктөрү фольклордо башка эч нерсе алмаштыра албас жанрдык белги экендиги аны аткаруучуларды мүнөздөөдө сөзсүз эске алынышы кажет. Ушул көз караштан алганда манасчыларды оозеки жана жазгыч манасчылар деп бөлүштүрүү туура болот. (Албетте, мындай бөлүштүрүү манасчылыктын илгерки абалына тиешелүү эмес). Бул эпосту элге жеткирүүнүн формасына көбүрөөк байланышкан бөлүштүрүү болсо да, манасчылыктын түйүндүү

учурларын көз жаздымында калтырууга негиз болуп бербейт да, коомдук-тарыхый шарттарга байланыштуу «Манастын» XIX-XX кылымдарда гана кагазга түшүрүлө баштоосу мунун маанисин жокко чыгарбайт. «Манасты» ыр түрүндө оозеки айткан манасчы менен аны жазган манасчынын ортосунда бир катар принципиалдуу айырмачылыктар ириде «Манас» эзелтеден оозеки формада айтылып келгени жана так ошол формасында кайталангыс монументалдуу чыгармага айланып, оозеки аткаруучулуктун мыйзамченемдерине баш ийгендиги менен түшүндүрүлөт. Бул жерде негизги маселе алар эпостун салттуулугун канчалык сактай алды, аны канчалык көркөм-эстетикалык бийик даражада бере алышты деген соболго барып такалат.

Ал эми манасчылардын топтору, же С.Мусаев кеңири талдап берген – үйрөнчүк манасчы, чала манасчы, чыныгы манасчы жана чоң манасчы сыяктуу бул өнөрдүн баскычтары [Мусаев С. Манасчылар. – Китепте: Кыргыз адабиятынын тарыхы. «Манас» жана манасчылар. II том. – 2-бас. – Б: Шам, 2004. -139-141 б.б.] тууралуу ой-пикирлер анчейин талаш жаратпай келген өңдүү манасчылыктын мектептери да кайчы пикирлерге себеп болбой, бирок толукталып келгенин көрөбүз. Манасчыларды кезегинде М.Ауэзов Каракол жана Нарын мектептерине бөлсө, Р.Кыдырбаева Чүй, Ысык-Көл, Тянь-Шань, Түштүк жана Талас айтуучуларына ажыратканы белгилүү [Кыдырбаева Р. Сказительское мастерство манасчи. – Фрунзе: Илим, 1984. –с. 12-68.]. М.Мамыров болсо буларга Талас, Кетмен-Төбө жана ичкиликтер мектептерин кошуп (Чоң Алай жана Мургаб), кийинкисинде эпос жөө жомок иретинде айтыларын белгилейт [Мамыров М. Жомокчулардын мектеби болгонбу? – Адабий Ала-Тоо, №6,7,8 (март, апрель), 2008.]. Ал эми М.Мамбеттурдунун үчилтиктин ар бир бөлүмүн айтуучулардын өз-өзүнчө мектеп-тобу, андан ары залкар манасчылардын ар биринин өз мектептери болгон деген көз карашы кызыгууну жаратпай койбойт [Мамбетакун М. Кыргыз эл ооз.адабиятынын памир мектеби.– Үрүмчү ш., Шинжаң эл басмасы, 2009. -221-б.]. Дегинкиси, устат-шакирт көрүнүшү менен тыгыз байланышта турган бул маселе дагы да тереңдетип изилдөөнү талап кылып турат. Манасчы жана эпос деген ыңгайда ачыкталып келген мындай көз караштардын түйүндүү учурлары төмөнкүдөй:

1. «Манасты» залкар, кайталангыс эпикалык чыгарманын денгелине манасчылар жеткирди. Аны эл арасынан чыккан чыгармачылык дарамети ашып-ташыган жомокчу-манасчылар айтып келишти. Анын тынымсыз кайталанып айтылышы, бул процесстин үзгүлтүксүздүгү өз кезегинде эпостун формалык жана мазмундук жактан шөкөттөлүп, жасалгаланышын шарттап, мындай функцияны ириде оозунан ыры төгүлгөн, кыял чабыты чексиз чоң манасчылар аткарышкан.

2. Манасчылар – ириде өтө таланттуу төкмө ырчылар. Табиятынан көркөм поэтикалык сөзгө бөтөнчө шыктуулук, ошол шык-жөндөмдүн устаттардын таасири менен тынымсыз өркүндөтүлүшү, күндүр-түндүр изденүү, эпостун түпкүлүктүү идеяларына жана андагы жаркын образдарга берилгендик, эл турмушунун өткөндөгүсүн, анын оош-кыйыш жактарын мыкты билгендик эпосту андан ары өнүктүрүүнүн өбөлгөлөрү болуп келген. «Манаска» карата элдик кызыкчылыктын, суроо-талаптын жана баа-ченемдин жогорулугу манасчылардын өнөрүн камчылаган дагы бир стимулдун ролун аткарды. Эпосту үңүлүп изилдеген нукура илимпоздордун басымдуу бөлүгүнүн эпостун өзү жана аны жаратып-айтуучулар тууралуу көз караштары кыска айтканда мына ушундай.

Жогоркудай ынанымдуу көз караштарды жалпылаштырылган М.Убукеевдин пикири өтө так жана жыйынтыктуу. «Манас» – эпическая культура кыргызов» аттуу эмгегинде эпос, анын тарыхы жана семантикасы, образдары жана рухий мазмуну тууралуу көп маселелерди козгоп, манасчылык өнөрдүн сырлары жөнүндө ой толгоп, ал төмөнкүлөрдү жазат (катар номерлерди койгон – К.А.): **«Итак, что же такое манасчи, что это за явление?**1). Прежде всего манасчи - создатели и хранители эпоса, именно благодаря сказителям эпоса памятники эпической культуры смогли занять свое достойное место в сокровищнице мировой культуры. 2). Манасчи – высокоодаренный поэт-импровизатор с феноменальной памятью и удивительно образным воображением. 3). Манасчи – хранитель огромной генетической памяти и, в первую очередь, исторической и этнографической. 4). Манасчи – хранитель огромного литературного наследия минувщих веков. И в этой ипостаси манасчи выступает в роли летописца истории. 5). Хороший сказитель эпоса непременно хороший драматург. Он цепко держить слушателей в своей власти в течение многих дней, недель, месяцев не только гипнотической силой Слова, но и крепкой и напряженной драматургией эпического сказа. 6). Манасчи – мелодист и композитор. 7). И, наконец: манасчи – это театр одного актера» [Убукеев М. «Манас» - эпическая культура кыргызов. – Китепте: Кыргызы. 14-томник. XI том. Сост. К.Жусупов и.др. – Б., 2011. -с. 530].

Ошентип, диссертациянын III главасынын биринчи параграфындагы «Жарматман-аткаруучулук өнөрдүн типтери», «Манасчылыктын маанилүү шарты», «Устаттар жана шакирттер», «Манасчылыктын мектептери» аттуу бөлүмдөрдө жомокчу-манасчылардын өнөрүндөгү жогоркудай урунттуу учурлар тууралуу көз караштар жана тыянактар талданса, **«М.Ауэзов жана «биринчи манасчы» маселеси»** деген 2-параграфта М.Ауэзов манастаануу илимин негиздөөчүлөрдүн бири экендигине басым жасалып, М.Ауэзов тарабынан алгач күн тартибине коюлуп, кийин талаш-тартыштардын чордонуна айланган «биринчи манасчы» маселеси иш жүзүндө жомокчулук өнөрдүн жана

эпостун көп маселелери үчүн «ачкыч» болууга жарамдуу, өтө олуттуу проблема экендиги айгинеленет.

**«Эпостогу тарыхий доор жана образдар системасы: көз караштардын жана проблемалардын татаалдыгы»** аттуу IV глава диссертациянын олуттуу бөлүгүн түзөт да, анын **«Манас» эпосунун жаралышы жана тарыхий доор проблемасынын кош бирдиктүүлүгү»** деген 1-параграфында каралган маселе манастаануу илиминдеги эң орчундуу жана көп талкууланып, талашка түшкөн проблема болуп эсептелет. Эпостун бүткөн чыгарма катары жаралыш эволюциясы, ал чагылдырган тарыхий доор жана чыгарманын образдар системасындагы түйүндүү маселелер боюнча манасизилдөөчүлөрдүн көз караштары жана концепциялары бул бөлүмдө биримдикте каралат.

«Манас» эпосу илимий иликтөөнүн обьектисине айланган (Ч.Валиханов, В.Радлов) мезгилден башталып, XX кылымдын I, II чейректеринде (1920-1950-жылдар) кыйла ачык коюлуп, бара-бара дамамат талаш-тартыштарга уютку болуп, алиге дейре бир ыңгай чечилишине ээ боло элек көп кырдуу жана чаташ маселе – анын жаралыш доору болуп эсептелет. Бул боюнча ар кандай деңгээлде аргументацияланган көз караштар, гипотеза-божомолдоолор, ой-жоруулар арбын. Адабиятчылар, тарыхчылар, философтор жана коом таануучулар (социолог, саясатчы, культуролог ж.б.) өз позициясын аныктап, көз карашын далилдөөдө эпостун түрдүү варианттарынан алынган тексттерден тартып, кыргыз тарыхындагы, фольклорундагы, түрк-монгол жана дүйнө элдеринин эпикалык чыгармачылыгындагы теориялык жоболорго, фактыларга, илгерки жана кийинки илимий изилдөөлөргө таяныч жасашат, элдик санжыраларды, мифтерди, уламыш кептерди, ал тургай географиялык аталыштарды да көз жаздымында калтырышпайт. Илимпоздор «Манастын» жаралыш-мезгилин аныктоодо кайсы бир тарыхий фактыларды (окуялар, көрүнүштөр ж.б.), инсандар ишмердигин таяныч тутпай коё алышпайт да, кыргыз тарыхында санжыра, уламыш, аңыз кеп түрүндө айтылып келген, же түрк, монгол, кытай, араб, фарсы жазма булактарында сакталган маалыматтарга дейре кайрылышат. Мындай маалыматтар жетиштүү эле көрүнгөнү менен алардын биринде да (XVII кылымга тиешелүү «Маджму-ат-таварихти» эске албаганда) эпосто сүрөттөлгөн ирдүү окуялар жана анын борбордук каармандары тууралуу айкын, так жана дал келген маалыматтардын жоктугу кыжалат кылып, түркүн божомол-гипотезалардын чыгышына себеп болуп келет. Бул жагдай табигый түрдө эпостогу окуялардын тарыхий негиздүүлүгү тууралуу маселени күн тартибине алып чыгып, «Манас» сыяктуу монументалдуу жана көп катмарлуу чыгарма жок жерден жана ошол эпопеялык зор калыбында жаралбайт дегенди түшүндүрөт. Муну В.Радлов да өз кезинде туура байкаган. М.Ауэзов да, кийинки изилдөөчүлөр да адегенде эпостун бир

бөлүгү, ядросу жаралып, мезгилдин өтүшү менен ал тарамдалып, кеңейип жүрүп отурган деген пикирди колдошот.

Эпостун жаралыш доору жана ал көркөм-эпикалык формада чагылдырган тарыхый доорлор деген проблемалардын ички байланышы анык болгону менен түпкүлүгүндө өз бетинче караштырылчу ар башка маселе экендиги түшүнүктүү. Анткени эпос чагылдырган доор менен анын эпикалык чыгарма катары түптөлгөн мезгил-доору дал келе бербейт. Кандай гана эпос болбосун, толук жана бүткөрүлгөн формада жаралышы мүмкүн эмес. Бул фольклор теориясында дээрлик талаш туудурбаган жагдай. Ушундай болсо да, эпостун жаралыш доору жана эпос чагылдырган доорлор аттуу тамыры, генезиси эки башка маселе кыйла эмгектерде катар коюлуп, чектери ажыратылбай бирдикте караштырылгандыгы байкалат. Буга эпостогу ирдүү окуялардын тарыхий негизи, борбордук каармандардын прототиптери, окуялар болгон же ошондой деп болжолдонгон жерлердин тек-жайы сыяктуу маселелер кошулуп кеткен учурлар да жыш кездешет.

Мындай аракеттерге байкоо салып келип, белгилүү тарыхчы-этнограф И.Молдобаев адилет түрдө: «На наш взгляд, неправомерно вообще датировать эпос каким-то временем, тем более какими-то веками или даже годами. Дело в том, что, возникнув, эпос развивается. Стало быть, можно говорить о генезисе эпоса», - деп жазып [Молдобаев И.«Манас» - историко-культурный памятник кыргызов. – Б., 1995. –с. 312], тарыхий окуялар бул маселени чечмелөөдө жетишсиз болорун, аны ар тараптуу изилдөө зарылдыгын белгилейт.

«Манас» эпосунун жаралышы, анын адепки ядросу, монументалдуу тарыхий-баатырдык баян катары калыптанышы жана негизги образдардын генезиси деген татаал жана талаштуу проблеманын түркүн жагдайларына сереп салып, атайын изилдешкен же башка маселелердин тутумунда ага учкай кайрылышкан илимпоздордун эмгектери эки башка методологиялык базага негизделип, эки башка призмадан каралып келгенин көрөбүз.

Хронологиялык жактан алганда (манастаануудa) алардын биринчисин эпостун адеп жаралгандан тарта көп катмарлуу, энциклопедиялык мазмундагы залкар чыгармага айлануу эволюциясына **тарыхий-салыштырма, салыштырма-типологиялык көз караш** десек болот. Анын бүчүрлөрү Ч.Валихановдо жатса, кыйла терең теориялык байкоолор В.Радловдун белгилүү «Кириш сөзүндө» кездешет да, анча-мынча П.Фалевдин, алда канча айкын жана кеңири М.Ауэзовдун, В.Жирмунский менен А.Бернштамдын, П.Берков менен К.Рахматуллиндин эмгектеринде орун алып, Ө.Жакишев, Е.Поливанов, М.Богданова, Б.Юнусалиев, С.Мусаев, А.Боровков, Р.Кыдырбаева, Э.Абдылдаев, Р.Сарыпбеков, Т.Абдыракунов, А.Жайнакова, О.Сооронов, Ө.Караев, М.Кошоев, Т.Чоротегин, Т.Кененсариев, И.Молдобаев, К.Кудайбергенов, А.Мокеев, Т.Танаев, С.Кляшторный (ж.б.) өңдүү адабиятчы,

географ, философ, тилчи, тарыхчы, фольклористтер тарабынан ар тараптуу өнүктүрүлөт. Бул багыттын өзөгүн «Манас» эпосун кыргыз элинин байыртан берки жазма жана оозеки тарыхы, белгилүү инсандардын ишмердиги жана кыргыз, түрк, алтай, монгол, грек, индус, иран (ж.б.) элдеринин типологиялык жактан жакын эпостору менен салыштырып изилдөө түзөт. Демек, **бул багыт эки булакка:** кыргыз тарыхы, дегеле өткөн тарыхтын болгон маалыматтарына, кыргыз жана башка элдердин эпикалык мурасына таянганы менен ич ара өтмө катар байланышта турат, б.а., «Манас» - тарых – жалпы эпикалык чыгармачылык аралаш караштырыла берет. Булардын бардыгында эреже катары Манас, Алманбет, Каныкей, Коңурбай, Жолой сындуу образдарга кайрылуу тутумдаш мүнөз алып жүрөт. Ушул эле багытта илимпоздор **эпостун жаралыш доорун эки түрдүү караштырганын көрүүгө болот,** б.а., алардын бир тобу чыгармада түрдүү доорлордун издери жатканын жокко чыгарбай туруп, баары бир аны мезгилдик бир чен-өлчөмгө же конкреттүү бир датага байланыштырса, экинчилери мындай бүтүм чыгарышпай, кыргыз тарыхынын 2-3 миң жылдык мезгилин ич ара этап-доорлорго ажыратуу менен алардын бардыгын эпостун тарыхий негизи катары карашат, бирин өйдө, бирин төмөн коюшпайт. Бирок ошол доорлордун бири эпосто басымдуулук кылганын көргөзгөндөр да бар. Мындай көз карашка В.М.Жирмунскийдин ой-пикири айкын мисал болот. Ал, маселен, «Некоторые итоги изучения героического эпоса народов Средней Азии» аттуу 1957-жылы июнда Ташкентте өткөрүлгөн Бүткүл союздук конференцияда жасаган докладында: «Киргизский «Манас» в своем древнейшем составе, сложивщемся, по-видимому, еше на первоначальной родине кыргызов в верховьях Енисея, так же содержит элементы богатырской сказки… Историческое и национальное содержание этой эпопеи определилось в основном в XV-XVII вв., в период борьбы киргизов за свою независимость против калмыков», - деп жазып [Жирмунский В.М. Некоторые итоги изучения героического эпоса народов Средней Азии. - Китепте: Вопросы изучения эпоса народов СССР. – М., 1958, -с.58], бирок бул тыянагын өнүктүргөн эмес. Окумуштуу бул жерде эки маселени: 1) эпостун жаралган жерин (Енисей); 2) анын өзөктүү мазмунун түзгөн доорду (XV-XVIIк.) так көрсөтүп жатат. Кийин эпостун жаралыш мезгилинин анын үлгүсүнө салып доорлорго, эпостун сюжеттик тулкусун түзгөн окуяларды катмарларга ажыратып иликтеген окумуштуулар ушундай топту түзүшкөн. Бирок дагы да, аларды «ак-кара» дегендей биротоло ажыратып салууга болбостугун эске алуубуз зарыл. Анткени бир эле учурда ушул эки ыкмада тең көз караш айткан илимпоздор да бар.

«Манас» эпосунун жаралуу, калыптануу жана андагы тарыхий доорлор, инсандардын чагылышы маселесинин **экинчи же функционалдык-семантикалык багытына тиешелүү проблемалар** жогорку топтогу

илимпоздордун эмгектеринде козголбой койбойт, б.а., бул эки багыттын ортосунда бекем тосмо жок жана мындай бөлүштүрүүнү кайсы бир деңгээлде шарттуу десек болот. Ошол эле учурда эмгектердин жалпы максат-пафосу ушундай бөлүштүрүүгө толук шарт түзөт.

Аталган маселедеги функционалдык-семантикалык багытка кирген М.Мамыров, М.Борбугулов, Ш.Акмолдоева, М.Убукеев, С.Байгазиев, К.Садыков, Д.Айдарова, М.Жумагулов, Ж.Бөкөшов, С.Иманалиев өңдүү манасизилдөөчүлөрдүн эмгектеринде «Манас» эпосунун жаралышын жана эволюциясын анын өзүндө орун алган көркөм-структуралык (коомдук аң-сезимдин, дүйнө таанымдын деңгелдери, миф, жомоктуулук, фантастика жана эпикалык реализмдин көрүнүштөрү, ачык жана көмүскө көрүнгөн деталдар, эпизоддор, мотивдер, негизги жана көмөкчү каармандардын образдарындагы көөнө жана кийинки белгилер, диний, космологиялык ишенимдер, философиялык, педагогикалык категориялар ж.б.) элементтер аркылуу иликтөө, түшүндүрүү жана далилдөө негизги максат болуп эсептелет. Мында салыштырма-типологиялык ыкма кеңири колдонулат, б.а. дүйнө элдеринин эпикалык чыгармачылыгынан, дүйнөтаанымынан алынган мисалдар ар тараптуу пайдаланылат.

«Манас» эпосунун коомдук аң-сезимдин архаикалык жана кийинки формаларына, кыргыз элинин дүйнөтааным эволюциясына байланыштуу изилдөө иштеринин чок ортосунда «миф» маселеси туруп, мурунку жана кийинки окумуштуулар тарабынан каршы-терши каралып келет. «Манаста» миф, сыйкыр-фантастика, жомоктуулук, элдин байыркы жана кийинки дүйнөтаанымы, мезгил жана мейкиндик түшүнүгү, жашоо жана адам концепциясы бар. Муну эч ким танбайт, эч ким жокко да чыгара албайт. Бирок бир катар илимпоздордун пикиринде (М.Борбугулов, М.Убукеев, Ш.Акмолдоева ж.б.) эпостун бүткүл тулкусуна баштан аяк сиңирилген мындай көрүнүш, түшүнүк, кубулуш, мотив, сюжет, эпизод, алтургай деталдардын семантикасы биз ойлогондон алда канча терең, көп кырдуу, көп катмарлуу жана сырдуу болуп эсептелет. Аларды туура түшүнүп, ачкычын тапсак, «Манастын» качан, кантип, эмне максат менен жаралып, айтылып келгенин да таанып билебиз деген өңдүү көз караш айтылат.

В.Радлов Манас менен Жолой элдин эсинде атамзамандан бери жашап келген мифтик каармандар, кийин алар тарыхий уламыштар менен аралашып кеткен десе, М.Ауэзов «Манастагы» мифтик катмар эң байыркы экенин эч ким далилдеп бере албайт, алар ага кийин деле кириши ыктымал, ошондуктан эпостогу мифтин үлүшүн апыртуунун зарылдыгы жок дегени бар. Ал эми А.Бернштам Манастын эпикалык образы реалдуу-тарыхий негизге эгедер синтетикалык образ, ал эми эпостун өзү кыргыздардын эркиндик үчүн чагылдырган «өзүнчө эле бир тарыхий повесть» десе, П.Берков «Манас»

байыркы мифтен тарта монументалдуу эпопеяга, кыска баяндан зор поэма-энциклопедияга чейин узак жол баскан чыгарма дейт. В.Жирмунскийдин пикиринде Манастын образында архаикалык белгилер бардыгына карабай тарых чындыгын типтештирилип-жалпылаштырылган образдар аркылуу чагылдырган нукура тарыхий-баатырдык эпос болуп эсептелет. Б.Юнусалиев менен Р.Кыдырбаева, А.Бернштам менен К.Рахматуллин, С.Абрамзон менен М.Богданова, С.Мусаев менен Э.Абдылдаев жана башка көптөгөн манастаануучулар «Манастагы» мифологиялык, архаикалык катмар тарыхий-социалдык маселелерден жогору тура албасын белгилешет. Ал эми белгилүү орус фольклористи, бул багыттагы ири теоретиктердин бири Е.Мелетинский да «Манас» тарыхий уламыштардын негизинде жаралгандыгына шек кылбайт.

Жыйынтыктай келип, «Манас» чагылдырган тарыхий доор жана анын эпос катары калыптануу маселеси боюнча иликтөөлөрдү жалпылап төмөндөгүлөрдү айтууга болот:

1. Эпостун жаралышы жана ал камтыган тарыхий-эпикалык мезгил тигил же бул изилдөөчүдө өзүнчөлүккө ээ болгону менен б.з.ч. эрадан XVIII-XIX кылымдарга келип жеткен 2-3 миң жылдык кыргыз тарыхын өз кучагына алат. Биздин доордун I-V кылымдары гана сөзгө алынбайт. Себеби бул мезгил кыргыз тарыхында алиге актай боюнча турат. Ошондуктан И.Молдобаевдин сөзү менен айтканда сөз «Манастын» жаралышынын так датасы жөнүндө эмес, анын өнүгүшү, эволюциясы тууралуу болуш керек. Бирок, мындай тыянак эпостун аталган маселелеринин мурдагыдай эле изилденип келишин, дагы да изилдене берерин жокко чыгара албайт.

2.Эпостун жаралышын белгилүү бир мезгил бүктөмүнө байланыштырган илимпоздордун көбү аны элдин башынан өткөн өтө маанилүү, тагдыр чечерлик окуялар менен тыгыз бирдикте карашат. Бул туура. Анткени «Манас» сындуу тарыхий-баатырдык эпикалык баяндар этностун адегенде ич ара консолидацияга жетишүү жолундагы аракеттери, ага удаалаш өзүнө дос жана кас башка этностордун фонунда бирдиктүү, кубаттуу масса катары мамлекеттүүлүккө ээ болуу үчүн күрөшүү процессин, бул учурлардагы элдин эбегейсиз чайпалууларын көркөм-эпикалык формада чагылдырган рухий-эстетикалык көрүнүш катары жаралат. Бул иш көбүнесе ошол даңазалуу окуялар менен инсандар ишмердигинин изи сууй баштаганда аны эстөө, эңсөө жана өсүп келе жаткан муундарды ошол даңктуу доордун духунда тарбиялоо максаты менен жүзөгө ашат (Л.Гумилев, Е.Мелетинский, Б.Юнусалиев ж.б.).

Кыскасы, аталган көз караштардын баарын жалпысынан «Манас» эпосунун жаралышы жана калыптанышы» деген аталыш менен бириктирсек, окумуштуулардын божомол-гипотезаларын доорлордун хронологиясы боюнча төмөнкүдөй жайгаштырууга болот:

1). **Биздин заманга чейинки** же анын биздин доор менен тогошкон мезгили: А.Токомбаев, Т.Сыдыкбеков, М.Мамыров, Ш.Акмолдоева, М.Борбугулов, Т.Оторбаев, М.Мамбетакун.

2). **Биздин доордун VI-X кылымдары:** М.Ауэзов, А.Бернштам, А.Маргулан, Е.Мелетинский, Р.Сарыпбеков, С.Кляшторный, С.Малов, Ө.Караев, С.Закиров, И.Шерстюк, Х.Карасаев, Т.Кененсариев. Сагымбай манасчынын «Манас» деген жомогу, бир миң бир жүз жылкы кеп» деген саптары мына ушул доорго туура келет. Улуу манасчы өзү бул саптардын түшүндүрмөсүн кеңейткен эмес.

3). **Биздин доордун IX-X кылымдары:** А.Медетбеков, М.Кошоев.

4).**Биздин доордун X-XII кылымдары:** Б.Юнусалиев, В.Ромодин, К.Рахматуллин, А.Жакыпбеков, Т.Абдыракунов, М.Өмүрбай, А.Стамов, И.Молдобаев, Э.Абдылдаев.

5**). XIII-XV кылымдар (Алтын Ордо мезгили):** Ч.Валиханов, К.Райхл.

6**). XVI-XVII кылымдар:** В.Жирмунский, М.Богданова, С.Абрамзон.

7). **XVI-XIX кылымдар:** А.Боровков, Л.Климович, А.Мокеев.

«Манастын» жаралган аймагына Орто Азиянын Арал деңизинен тарта Ала-Тоо жана Чыгыш Түркстандан ары Саян-Алтай, Орхон-Енисей жана Монголияга чейинки эбегейсиз аймак киргизилип, айрымдар бул жерлерди анын биротоло калыптанып бүткөн региондор десе, калгандары анын баштапкы ядросу гана жаралган жер катары мүнөздөшөт. Булардын ичинен «Манас» Орто Азия чөлкөмүндө, т.а., Ала-Тоо аймагында нукура тарыхий-баатырдык эпос иретинде калыптанып бүткөн деген тыянактын ынанымдуулугун эпостун өзүнүн бүткүл формалык жана мазмундук турпаты айгинелеп турат (Р.Кыдырбаева).

Айтылгандарды эске алганда, бир убакта М.М.Бахтин адабият таанууга киргизген хронотоп категориясын «Манас» эпосуна карай колдонуу мүмкүн болуп чыгат да, ал реалдуу мейкиндик-мезгилдин көркөм-эпикалык мейкиндик-мезгил катары чагылышын көрсөтөт. Манастаануучуларда маселе ушундай онтологиялык формада коюлбаганы менен алардын эмгектеринин мазмуну хронотоп категориясынын структурасына шайкеш келет.

**«Манас» эпосундагы образдар жана Адам таануу концепциясы: көз караштар жана тыянактар»** аттуу экинчи параграфта манастаануучулардын изилдөөлөрүнө таянуу менен бул олуттуу проблеманын түйүндү учурлары каралат. Манасиликтөөчүлөр эпостун каармандар курамын негизинен бир нече ыңгайдан караштырып, талдап келгенин көрүүгө болот, б.а. алардын эмгектери төмөнкүдөй топторго ажыратылат:

1). Каармандардын типтери боюнча, башкача айтканда эпостун образдар системасын баатырлар, айымдар, тулпарлар, мифологиялык-фантастикалык персонаждар өңдүү түрлөргө ажыратып, бири-биринен айырмалап, өз-өзүнчө

караштырган, бирок алардын системалуу биримдиги айкындалбаган, бул жагдайга басым жасалбаган эмгектер;

2). Образдардын генезисин, тарыхый негиздүү-негизсиздигин көбүнэсе тарыхый булактар, өзүбүздүн жана башка элдердин чыгармалары менен салыштырма-типологиялык ыңгайдан караштыруу, ысымдардын этимологиясын, семантикасын ачып берүүгө, прототип, архетип маселесине арналган эмгектер;

3). Образдардын элдүүлүгүн, анын негизинде идеялык, социалдык-саясий, культурологиялык, философиялык, адабий-эстетикалык табиятын, функциясын жана аларды ачыктоочу поэтикалык, семантикалык каражаттардын табиятын ачып берүүгө багытталган аракеттер.

Манас, Алманбет, Каныкей, Жолой (ж.б) сыяктуу баш каармандар тууралуу илимпоздор арасында негиздүүлүгү ар кандай бир нече көз караш, гипотезалар болгону менен аларды дүңүнөн **ирдүү эки багытка** ажыратууга болот. **Биринчи көз караш боюнча** аталган каармандардын (айрым башка каармандар сыяктуу эле) түпкү теги кыргыз тарыхында аныгында эле болгон, жашап өткөн, жасаган албан иштери менен элдин эсинде биротоло сакталып калган инсандарга барып такалат (Б.Юнусалиев, М.Ауэзов, В.Жирмунский, К.Рахматуллин, М.Богданова, С.Мусаев, Р.Кыдырбаева, Э.Абдылдаев, Р.Сарыпбеков, О.Сооронов, Т.Абдыракунов, С.Байгазиев ж.б). Архаикалык - мифологиялык белгилер мындай образдардын табияты үчүн олуттуу роль ойнобойт да, алардын айрымдары байыркы заманда, айрымдары кийинки доорлордо эле тигил же бул образдын структурасына киргизилиши мүмкүн делет. “Тарыхыйлуулук” белгиси борбордук каармандарга гана тиешелүү, бирок баарына эмес. Ал эми калган, ондогон каармандар башат-тамыры өткөн турмушта жаткан, көркөм адабияттай эле ошол татаал турмуштан алынып, эпикалык жанрдын талаптарына жараша иргелген, типтештирилген фольклордук-адабий образдар болуп эсептелет. **Экинчи көз караштын жактоочулары** да М.Борбугулов, М.Мамыров, М.Убукеев, И.Молдобаев, М.Жумагулов, Ш.Акмолдоева, Д.Айдарова, С.Иманалиев сыяктуу илимпоздор болуп эсептелип, Манас, Алманбет, Кумайык, Алпкаракуш, Байтерек, Кызыр, Баба Дыйкан өңдүү персонаждарды трактовкалоодогу айрым карама-каршылыктары, пикир келишпөөчүлүктөрү аларды бир багыттагы манасиликтөөчүлөргө кошууга тоскоол болбойт. Алар образдарды тарыхка байланыштырбай, мифологиялык-архаикалык дүйнөтааным призмасынан социомаданий жана философиялык өңүттө иликтөөгө, образдардын рухий-онтологиялык тек-жайын ачып берүүгө басым жасашат.

Сөз болгондой, жогортодо аталган изилдөөчүлөрдүн көбү эпостогу мифтин, фантастиканын, архаиканын, аларды чагылткан эпизоддордун, деталдардын, мотивдердин, символдордун “Манастагы” ролун, маанисин жокко

чыгарбай туруп, аны эпикалык реализмдин чен-өлчөмүнө туура келген, кыргыз элинин узак жана оор тагдырын, анын ички жана тышкы жашоо-тирлигинин чар тарабын камтыган, тарыхый окуяларды жана инсандар ишмердигин гиперболизациялап чагылдырган монументалдуу энциклопедиялык эпос деп эсептешет. Бул көз караш "Манастын" чыныгы мазмунунан агылып чыгат, ошону менен далилденет. Бирок, кантсе да бул окумуштуулардын иликтөө методунда, келтирилген аргументтердин ар башкалыгына карабай чыгарган бүтүм-жыйынтыктарында ынанымдуу учурлар менен бирге үндөштүктөр, жалпылыктар да арбын.

Аталган эки багыттагы иликтөөлөр "Манастагы" образдардын бир гана кырына, бир гана сапат-белгисине, б.а., реалдуулук менен миф-кереметтин карым-катышы боюнча экендигин, алардын табиятын ачуу иши муну менен чектелбей тургандыгын эске алуу зарыл. Бул маселеге арналган эмгектердин көбүндө образдардын көтөргөн көркөм-эстетикалык, маданий-рухий, социалдык-идеялык функциясы, фольклордук-адабий персонаж жана адам катары ким экендиги, алардын окурман-угармандарга бере турган сабагы эмнеде экендиги тууралуу сөз болот.

Бул эпопеядагы каармандардын адамдык нарк-насили, сапат - касиеттери ошол маселенин бир гана ыптасы болсо да, эпостун өзү үчүн да, аны аздектеген элдин Адам жөнүндөгү социомаданий, эстетикалык концепциясы үчүн да кардиналдуу маселе экендиги талашсыз. Эпосто узак, татаал тарыхы бар кыргыз элинин Адам тууралуу концепциясы көркөм эпизацияланган формада берилгендиги, ошол концепция элдин аң-сезиминде эзелтеден бери орун -очок алып, «Манас» аркылуу өзгөчө эстетикалык жигер менен ачыкка чыгарылганы да шек туудурбайт. Манас изилдөөчүлөрдүн дээрлик бардыгы эпостун Адамдык концепциясын өз эмгектеринин максат-мүдөөсүнө жараша тигил же бул деңгээлде учкай болсо да сөз кылбай коё алышкан эмес. Бирок алардын көбүндө каармандардын оң-терс сапаттарын санактан өткөрүү, ысымдардын этимологиясына кызыгуу басымдуулук кылат. Бул маселе боюнча М.Ауэзов, Б.Юнусалиев, В.Жирмунский, К.Рахматуллин, И.Молдобаев, М.Мамыров, Р.Кыдырбаева, С.Мусаев, Р.Сарыпбеков, А.Сыдыков, Э.Абдылдаев, М.Борбугулов, М.Жумагулов, Ж.Бөкөшов, С.Байгазиев, Ш.Акмолдоева, Д.Айдарова, С.Иманалиев (ж.б) сындуу белсемдүү манастаануучулардын салмактуу эмгектерин айтпаган күндө да, ага тикелей тиешеси бар айрым иликтөөлөрдө эпостун каармандары ар кандай ракурстан иликтенип келди. Чыгармадагы Адам концепциясына байланыштуу кийинки эмгектердин мүнөзү башкачараак экендиги, аларда көбүнэсе философиялык, эстетикалык, психологиялык, диний, көркөм-руханий, мифологиялык, космогониялык жагдайларга басым жасалганы байкалып, коомдук аң-сезимдин көөнө жана кийинки формалары эпостун борбордук каармандарынын образдарына

канчалык сиңирилип, канчалык эпизацияланат, алардын көркөм реалдуулугу канчалык деген маселе алдыңкы планга чыгарылат.Эпосто коомдук-социалдык орду, мааниси так белгиленген рухий адеп-ахлактык наркы, келбети ачык көрүнгөн, көбүнчө коомдук, элдик кыймылга, анын өсүп-өнүгүшүнө оң же терс таасир тийгизген Адам (дар) концепциясы көркөм-эпикалык формада жаратылып, тигил же бул конкреттүү образдар аркылуу жүзөгө ашырылган деген тыянакка келебиз.

## ЖАЛПЫ КОРУТУНДУ

- «Манастаануу дегенибиз эмне» деген соболдун өзү анын элдик башаттарына кайрылууга себеп болуп эсептелет. Аны кыскача талдоо эпостун прологу катары «Жомок башы» эпос негизинен бүткөрүлүп, элдин аң-сезиминде бир бүтүн чыгарма катары кастарлуу абалга келгенден кийин гана жаралган, б.а., башталышына коюлганы менен ал эпостун эң кийин жаралган кыскача поэтикалык мүнөздөмө-резюмеси, анын улуулук-залкарлыгын толук түшүнгөн жана кабыл алган элдин кыска, бирок эмоционалдык-экспрессивдик деми күчтүү жана поэтикалык ажары жаркын, өтө терең көркөм-образдуу философиясы деген тыянакка алып келет.
- Манастаануу илиминин жаралып, өнүгүүсүн, калыптануусун элдин рухий-көркөм түшүнүгүндө эч нерсе алмаштыргыс орунга ээ болгон «Манастын» өзү (обьект) жана аны жыйнап, жарыялап, изилдөөчүлөр (субьект) шарттады. Мына ушулардын биримдиги айкаша келип, кыймыл болгон жерде гана (Ч.Валиханов, В.Радлов) манастаануу илим катары түптөлүп, оош-кыйыш жол басып, ондогон жылдар ичинде толук калыптанып бүткөн, илимий-теориялык деңгээли бийик илим таризинде көрүндү.
- В.Радлов кыргыз фольклорун жана «Манас» эпосун алгач жыйноочулардын бири гана эмес, айрыкча кыргыз эпостаануусунун теориясына негиз салган илимпоз экендиги анын сөз болгон «Кириш сөзүнөн» даана көрүнөт. Ал бардык маселелерди чечип салбаса да, таасын жана терең байкоолору менен манастаануунун кийинки өнүгүшүнө, анын теориясынын иликтенишине чыйыр салган жана жол көрсөтүүчүлүк иш аткарган десек болот.
- Кыргыз эпосторунун жанрдык классификациясы биротоло аягына чыгарылбаганы менен орчундуу жагдайлары кыйла дурус иликтенип, негизги белгилери айкындалып калганы ачык. Илимпоздор ортосунда бул маселеге түркүн көз караштар өкүм сүрсө да, маал-маалы менен чыга калган талаш-тартыштар анын тереңдетилип изилденишине өбөлгө түзүп келет.«Манас» эпосу тарыхий-баатырдык эпостун классикалык үлгүсү катары анын бардык жанрдык белгилерин өзүнө сиңирип турары илимпоздор үчүн шек жаратпайт.

- Манастаануу илиминин жаралган, түптөлгөн мезгили деп Ч.Валиханов менен В.Радловдун эмгектерин эсептөө менен (1) андан аркы өнүгүш жолун 1920-1952-жылдар (2), 1952-1980-жылдар (3) жана эгемендүүлүк доорундагы манастаануу илими (4) деген этаптарга ажыратуу анын реалдуу абалын чагылдырат.
- 1960-70-80-жылдарды өз ичине алган 30 жылдыкта кыргыз манастаануусу ошол кездеги союздук жана дүйнөлүк фольклористиканын бийиктигинен алганда деле толук талапка жооп берген илим катары калыптанып бүтөт.
- Манастаануунун башаты элдик сөз өнөрүнүн көркөм эстетикасына барып такалып, Ч.Валиханов менен В.Радловдун эмгектеринен башталганы менен нукура илимий сыпатка ээ болуп, өнүгө баштоосу жана калыптанышы М.Ауэзов, К.Рахматуллин, В.Жирмунский, А.Бернштам, М.Богданова, Б.Юнусалиев, С.Мусаев, Р.Кыдырбаева, Э.Абдылдаев, Р.Сарыпбеков, А.Сыдыков, С.Бегалиев, И.Молдобаев, А.Жайнакова, М.Мамыров, З.Мамытбеков, М.Борбугулов, С.Байгазиев, О.Сооронов, Ш.Акмолдоева (ж.б.) сындуу ондогон илимпоздордун эмгектерине тикелей байланыштуу.

Диссертацияда “Манаска” тиешелүү маселелердин ичинен өтө маанилүү деп эсептелген үч топтому (жомокчу-айтуучулук, эпос жана эл тарыхы, эпостогу образдар жана элдин адам түшүнүгү) бөлүнүп алынып,караштырылды.

- «Манас» эпосун изилдөөчүлөрдүн дээрлик бардыгы айтуучу-жомокчу-манасчыларга ар кандай деңгээлде назар салбай кое алышкан эмес. Анын түпкү себебин Р.Кыдырбаева «кош бирдиктүү диалектикалык чыгармачыл процесстин» натыйжасында келип чыккан «конгениалдуулук» катары таасын аныктаган жана мунун чын эле ушундай экенин илимпоздордун көбү аңдабай кое алышкан эмес.
- Көркөм сөзгө, анын ичинде төкмөлүк өнөргө болгон өзгөчө тубаса таланттуулук, ошол шык-жөндөмдүн тынымсыз изденүүлөрдүн жана устаттардын таалими астында өмүр бою өркүндөтүлө бериши, эпостун түпкүлүктүү идеяларына жана жаркын образдарына берилгендик, эл турмушунун өткөндөгүсүн чар тарабы менен бирдикте терең билгендик эпосту жана айтуучулук өнөрдү андан ары өнүктүрүүнүн туруктуу өбөлгөлөрү болуп келсе, «Манаска» жана аны айтуучуларга болгон элдин кастарлуу мамилеси, бийик суроо-талабы жана баа-ченеми алардын өнүгүшүнүн дагы бир маанилүү сүрөөнчүсү болуп калган.
- Фольклордук чыгарма катары «Манас» эпосунун жанрдык, стилдик, көркөм-идеялык сын-сыпаты жалпы эле баатырдык эпостордун салттарына байланышып, аткаруучу-манасчылардын өнөрү ошондой эле чыгармаларды

аткаруу салттарынан келип чыкканы менен анын улуулугу менен түшүндүрүлгөн бир топ өзгөчөлүктөргө ээ болот.

- М.Ауэзов – совет доорунда “Манас” эпосунун өзөктүү маселелерин алгач ирет комплекстүү изилдеп, анын өнүгүш багыттарын аныктаган, б.а., манастаанууну нукура илим катары негиздеген залкар илимпоз. Башка кординалдуу маселелер менен бирге ал эпостун “биринчи айтуучусу” деген проблемага ачыктык киргизсе да, ал кийинчерээк айрым бурмалоолорго дуушар болуп жалган көз караштардын келип чыгышына алып келген.
- Эпос менен тарыхый доордун карым-катышы деген өзөктүү проблема «Манастын» эң орчундуу, эң түйүндүү маселелерин кучагына алат, б.а., анын баштапкы уюткусун түзгөн тарыхый окуялар жана инсандар ишмердиги, алардын мезгилдик-мейкиндик алкагы, эпостун алгачкы айтуучулары, эпостун адепки жанрдык түзүмү жана эволюциясы, анын толук бүткөрүлгөн же классикалык абалга келген доору, түрк-монгол (ж.б.) элдеринин тарыхы жана эпикалык чыгармачылыгы менен карым-катышы өңдүү аныгында эле кыйла татаал проблемалар «Манасты» иликтөөлөрдүн ушул багыттагы тутумуна кирет. Проблемалардын бул топтомуна болгон мамиле, көз караш жана алардын чечмелениши да бирдей эмес.
- Окумуштуулардын көбү «Манасты» кыргыз тарыхындагы кайсы бир деңгелде такталган тарыхый окуялар жана инсандар ишмердиги менен тикелей байланышта карашат да, ал кыргыз этносунун ички консолидацияны камсыз кылып, мамлекеттүүлүккө ээ болуу жолундагы оорчулуктарга, чайпалууларга толгон каармандык күрөшүн көркөм-эпикалык формада чагылдырган көрүнүш катары ошол мезгилде же аны изи, деми менен жараларын белгилешет.
- «Манас» эпосу көркөм-эпикалык формада чагылдырып, өз тулкусуна сиңирген кыргыз тарыхындагы орчундуу окуялар жана инсандар ишмердиги тууралуу илимпоздордун көз караштары хронотоп категориясынан алганда 2-3 миң жылдык мезгилди жана бүтүндөй Борбордук Азия, Чыгыш Түркстан жана Сибирь аймактарын өз ичине ала тургандыгын көрөбүз. Бүгүнкүгө дейре алардын бири да толук кабылданбай келүүсүнүн өзү эле бул маселе дагы да кеңейтип, тереңдетип изилдөөгө муктаж экендигин айгинелейт.
- Эпос жана тарыхий доорлор маселесин, б.а., эпостун жаралышын, кийинки эволюциясын кайсы бир конкреттүү окуялар жана инсандар ишмердиги аркылуу эмес, анда чагылдырылган элдин дүйнөтаанымы, анын тутумундагы архаикалык жана кийинки, мифологиялык жана реалдуу түшүнүктөрдүн, көрүнүштөрдүн көркөм эпикалык формада чагылыш жолдорунун негизинде айкындоого басым жасаган илимпоздордун эмгектери да ушул проблеманы терең жана кеңири, ар тараптуу чечмелөөнүн натыйжалуу жана перспективалуу ыкмасы болуп эсептелет.

- Миф, жомок-фантастика, диний ишенимдер, космогониялык түшүнүк-элестөөлөр, дегеле көөнө дүйнө тааным сындуу архаикага саресеп салган илимпоздордун пикиринде «Манастагы» мезгил мифоэпикалык (М.Мамыров, М.Убукеев, Ш.Акмолодоева, М.Жумагулов ж.б.), эпикалык (М.Борбугулов), тарыхий (В.Жирмунский, Е.Мелетинский) мезгил болуп эсептелет. Мындай тыянак кеңейтилип иликтенбегени менен аталган илимпоздордун иликтөөлөрүнүн структурасы жана концепциясы ушундай хронотоптук гипотезаларга негизделгени ачык байкалат.
- Манасизилдөөчүлөрдүн бардыгы кайрылбай койбогон, кененирээк же учкай болсо да өз кабылдоосун ачыктабай койбогон маселе – эпостун образдар системасы. Тарыхий доордун мүнөзүн айкындоого тикелей тиешеси бар образдарды иликтөө иштери улам татаалдашуу, тереңдөө жана тармактануу жолу менен эки түрдүү багытта өнүгүп келди. Анын биринде образдардын историзми деген маселе алдыңкы планга чыгарылып, тарыхий жана эпикалык чындыктын карым-катышын айкындоо аракеттери көрүлсө, экинчисинде образдардын адабий-эстетикалык, философиялык, социомаданий семантикасын ачып берүү иштери басымдуулук кылат. Ошол эле учурда бул экөөнү бирдикте караган учурлар да бар.
- Адабий-фольклористикалык сыпаттоо менен катар кийинки мезгилдерде эпостогу образдарды элдин руханий баалуулуктары, мифопоэтикалык дүйнө таанымы, анын көөнө жана кийинки формалары, элдин мейкиндик-мезгилдик жана аалам түшүнүгү, дүйнө модели, андагы адамдын орду, адам жана коом,адам жана табият, адам жана макродүйнө, адам жана микродүйнө, социалдык топтор жана жеке адам, адам жана анын ички дүйнөсү, адамдардын атуулдук парадигмалары сындуу философиялык-онтологиялык, социомаданий категориялар менен түшүнүктөрдүн призмасынан караган иликтөөлөр жаралды.
- Жалпы философиялык, социологиялык жана руханий ыңгайда эпос адам жашоосунун максаты, маани-маңызы, наркы эмнеде деген собол таштап, жеке кызыкчылык, индивиддин эгоизмге баш ийдирилген көр тирлиги деген ойтаанымдын биринчилигин жокко чыгарып, өзүн бул жарык дүйнөнүн эң акыл-эстүү, эң кубаттуу жандыгы катары сезген Адам жамааттын (үй-бүлө, уруу, эл) максат-үмүтүн актоо, мүдөөсүн аткаруу үчүн жашап, ошолор үчүн күрөшө билиши керек деген түбөлүктүү идеяны даңазалайт. Көпчүлүк изилдөөчүлөрдүн бул маселе боюнча мына ушундай тыянагына “Манас” эпосунун өзү талашсыз далил катары алынат.
- Өзгөчө белгилей турган нерсе – эпосто көркөм-эпикалык формада ачыкталган бараандуу образдар алып жүргөн нукура адамдык оң-терс сапат-касиеттер жана алар аркылуу берилген Адам концепциясы ошол эпикалык доор үчүн гана эмес бүгүнкү заманда да көөнөрбөс мааниге ээ болуп, улут үчүн

тагдыр чечээрлик мааниге ээ болот. "Манас" эпосу ириде мына ушунусу менен улуу чыгарма экендигин манасизилдөөчүлөрдүн дээрлик бардыгы адилет белгилешет.

**Диссертациялык иштин негизги мазмуну төмөнкү эмгектерде чагылдырылды:**

1. Абакиров, К. Соолубас дайралар шоокуму: «Манас» эпосу жана кыргыз фольклору тууралуу макалалар [Текст] / К.Абакиров // –Бишкек, 2013. -208 б.
2. Абакиров, К. Манастаануу илиминин калыптанышы жана өнүгүшү. Монография [Текст] / К.Абакиров // -Үрүмчү: Шинжаң «Манас» изилдөө борборунун басылмалары -19. -2016.-376 б.
3. Абакиров, К. В.Радловду кайра окуганда [Текст] / К.Абакиров // Известия ВУЗов. №5, 2005. -113-117-бб.
4. Абакиров, К. «Манас» эпосу жана мифология [Текст] / К.Абакиров // Кыргыз тили жана адабияты: К.Тыныстанов атындагы Ысык-Көл унив. ил.-пр.басылмасы. –Каракол, 2011. - № 20. -108-113-бб.
5. Абакиров, К. «Манас» изилдөөдөгү маанилүү маселе же аны «мистикалаштыруунун» тек-жайы жөнүндө [Текст] / К.Абакиров // Кыргыз тили жана адабияты. Х.Карасаев ат. Бишкек гум.унив. ил.-практ.басылмасы. –Каракол, 2012. -№21, -202-205-бб.
6. Абакиров, К. Коомдук аң-сезим формалары жана «Манас» эпосу (мифтик негиз маселеси) [Текст] / К.Абакиров // IV Кабдоловские чтения: Материалы межд. научно-теор. конференции (2 декабря, 2011 г). -Алматы, Аль-Фараби атындагы КазМУ, 2012. -16-23-бб.
7. Абакиров, К. Сөз мунарасы жана Т.Сыдыкбеков [Текст] / К.Абакиров // Ж.Баласагын атындагы КУУнун жарчысы. Атайын чыгарылыш, 2012. -9-13-бб.
8. Абакиров, К. А.Сыдыков жана азыркы манастаануунун айрым маселелери [Текст] / К.Абакиров // Ош МУнун жарчысы. -2012. -№4, I чыгар. -181-184-бб.
9. Абакиров, К. Адабий экстремизмдин айкын үлгүсү [Текст] / К.Абакиров // Улуу «Манас» жана анын фальсификаторлору (илимий-публ. макалалар). Түзгөндөр: С.Алахан ж.б. – Б: «Турар», 2013. -132-144-бб.
10. Абакиров, К. Кыргыз эпостору: жанр жана классификация маселесинин иликтениши (1-макала) [Текст] / К.Абакиров // Азыркы адабияттаануу жана фольклористика маселелери (илимий жыйнак). 1-чыгарылышы. – Б., «Университет», -2013. -69-88-бб.
11. Абакиров, К. Кыргыз эпостору: жанр жана классификация маселесинин иликтениши (2-макала) [Текст] / К.Абакиров // Азыркы адабияттаануу жана

фольклористика маселелери (илимий жыйнак). 1-чыгарылышы. – Б., «Университет», -2013. -89-103-бб.
12. Абакиров, К. «Манаска» каршы чоң казат [Текст] / К.Абакиров // Улуу «Манас» жана анын фальсификаторлору (илимий-публ. макалалар). Түзгөндөр: С.Алахан ж.б. – Б: «Турар», 2013. -290-301-бб.
13. Абакиров, К. «Манас» эпосунун образдар системасы: көз караштар [Текст] / К.Абакиров // Ж.Баласагын ат. КУУнун Жарчысы: Атайын чыгарылыш. 2013. -229-234-бб.
14. Абакиров, К. Манастаануудa Адам концепциясынын изилдениши [Текст] / К.Абакиров // Адамдын туруктуу өнүгүшү – өлкөнү өнүктүрүүнүн майнабы жана максаты: VI илимий симпозиумдун материалдары. – Б., 2013. -10-16-бб.
15. Абакиров, К. «Манас» эпосундагы образдардын айрым моделдери [Текст] / К.Абакиров // 11-эл аралык конференциясы: Цивилизациялардын кесилишиндеги тил, маданият, коомдук аспектилери. БГУ жана Цикуба университети. – Бишкек, Япония. 2014. -136-141-бб.
16. Абакиров, К. Манасчылар – төкмө ырчылар: көз караштар [Текст] / К.Абакиров // Тил, адабият жана искусство маселелери: илимий журнал. Атайын чыгарылыш. – Б., 2014. -65-79-бб.
17. Абакиров, К. Манастаануудагы илимий жана адабий-көркөм багыттар [Текст] / К.Абакиров // И.Арабаев атындагы КМУнун Жарчысы: ил.-пед.журнал. «Манас» эпопеясы ЖОЖдордо. «Манас» ааламы – улуттук стратегиялык акыл-эстин жана мекенчилдиктин символу» аттуу ЖОЖдор аралык ил-практ. конф. материалдары. – Б., 2014. -58-63-бб.
18. Абакиров, К. «Манас» эпосундагы образдардын типтери [Текст] / К.Абакиров //. Кыргыз тили жана адабияты. Х.Карасаев ат. Бишкек гум.унив. ил.-практ.басылмасы. -2014. -№27, -39-45-бб.
19. Абакиров, К. «Манас» эпосундагы адамсымал жана зооморфтук образдар [Текст] / К.Абакиров // Кыргыз тили жана адабияты. Х.Карасаев ат. Бишкек гум.унив. ил.-практ.басылмасы. -2014. -№27, -45-49-бб.
20. Абакиров, К. Манасчылыктагы шакирттик мезгил: көз караштар жана далилдер [Текст] / К.Абакиров // Ж.Баласагын атындагы КУУнун Жарчысы: атайын чыгарылыш, 2015. -187-191-бб.
21. Абакиров, К. «Манас» жана манасчылыктын тутумдаштыгы: иликтөөлөр [Текст] / К.Абакиров // Адабият таануу жана фольклористика маселелери: илимий жыйнак. II чыгарылыш. Түзгөндөр: Б.Баймырзаев, Н.Турдубаева. – Бишкек: «Университет», 2015. -95-119-бб.
22. Абакиров, К. Жомокчу-манасчылыктын мектептери [Текст] / К.Абакиров // Ж.Баласагын атындагы КУУнун Жарчысы: атайын чыгарылыш. -2015. -192-196-бб.

23. Абакиров, К. «Манас» эпосун изилдөө багыттары жөнүндө [Текст] / К.Абакиров // Alatoo academic studies Жарчысы (Эл аралык илимий журнал): Эл аралык Ататүрк-Алатоо университетинин басылмасы. -2015. -№2, -29-36-бб.
24. Абакиров, К. Эпос жана элдик дүйнөтааным [Текст] / К.Абакиров // «Манас» жана кыргыз салты: илимий жыйнак. Шиңжаң «Манас» изилдөө борбору түздү. Шиңжаң «Манас» изилдөө борборунун басылмалары-21. Ички материл-2. –Үрүмчү, -2015. -447-454-бб.
25. Абакиров, К. Жалган манасчы Жайсаңдын тарыхы [Текст] / К.Абакиров // Кыргыз тили жана адабияты: К.Тыныстанов атындагы ЫМУнун жана Х.Карасаев атындагы БГУнун илимий-практикалык басылмасы. -2015. -№28, -92-99-бб.
26. Абакиров, К. Манастаануунун элдик башаттары [Текст] / К.Абакиров // «Шинжаң кыргыз адабияты»: жуп айлык адабий журнал. КЭР: Үрүмчү шаары, 2015. - №6. -119-125-бб.
27. Абакиров, К. Манасчылыктын маанилүү шарты [Текст] / К.Абакиров // «Шинжаң кыргыз адабияты»: жуп айлык адабий журнал. КЭР: Үрүмчү шаары, 2016. - №1. -119-127-бб.
28. Абакиров, К. «Манас» эпосу жана тарых: илимий көз караштардын эволюциясы (1-макала) [Текст] / К.Абакиров // Alatoo academic studies Жарчысы (Эл аралык илимий журнал): Эл аралык Ататүрк-Алатоо университетинин басылмасы. – 2016. - №1, -17-22-бб.
29. Абакиров, К. «Манас» эпосу жана тарых: илимий көз караштардын эволюциясы (2-макала) [Текст] / К.Абакиров // Alatoo academic studies Жарчысы (Эл аралык илимий журнал): Эл аралык Ататүрк-Алатоо университетинин басылмасы. – 2016. -№2, -15-22-бб.
30. Абакиров, К. «Манас» эпосу жана тарых: илимий көз караштардын эволюциясы (3-макала) [Текст] / К.Абакиров // Alatoo academic studies Жарчысы (Эл аралык илимий журнал): Эл аралык Ататүрк-Алатоо университетинин басылмасы. – 2016. -№3, -15-22-бб.
31. Абакиров, К. Улуу эпостун чаалыкпас чабарманы [Текст] / К.Абакиров // Кыргыз билим берүү академиясынын Кабарлары. -2016. -№2 (38), -175-182-бб.
32. Абакиров, К. «Манас» эпопеясы жана кыргыз бакшылары [Текст] / К.Абакиров // «Манас» ааламы». Манастаануу-фольклортаануу: илимий журнал. И.Арабаев ат. КМУ. -2016.- №2, -120-127-бб.
33. Абакиров, К. Эпос «Манас» как объект диссертационных исследований [Текст] / К.Абакиров // -Новый университет: научный журнал. Серия «Актуальные проблемы гуманитарных и общественных наук». -2016. -№5-6

(62-63). –С. 66-70.On-line://nttp:// www.colloguium–publishing.ru // library/library/ index. pxp/ NU_GUM /issue/ view/139.
34. Абакиров, К. Эволюция эпоса и проблема «безграничности и истории» [Текст] / К.Абакиров // Проблемы современной науки и образования: научно-методический журнал. -2016. -№14 (56), –С. 76-79. http://ipi1.ru/images/PDF/2016/56/evolytsia-i-problema.pdf.
35. Абакиров, К. Из истории исследования эпоса «Манас» [Текст] / К.Абакиров // Проблемы современной науки и образования: научно-методический журнал. -2016. -№17 (59), –С. 77-79. nttp://www.ipil.ru// e-mail: admbestsite @yandex.ru.
36. Абакиров, К. Хронология концепций об эпохе возникновения эпоса «Манас» [Текст] / К.Абакиров // Наука, образование и культура: научно-теоретический журнал. -2016. -№6 (9), –С. 57-61.http: //scientificarticle:ru/ images/ PDF/2016/ 9khronologia-kontstsij-ob-epokhe.pdf.
37. Абакиров, К. Этапы развития манасоведения (часть 1) [Текст] / К.Абакиров // Проблемы современной науки и образования: научно-методический журнал. -2016. -№26 (68), –С. 74-77. http://ipi1.ru/images/PDF/2016/68/etapy-razvitiya-manasovedeniya.pdf.
38. Абакиров, К. Этапы развития манасоведения (часть 2) [Текст] / К.Абакиров // Проблемы современной науки и образования: научно-методический журнал. -2016. -№26 (68), –С. 78-81. http://ipi1.ru/images/PDF/2016/68/etapy-razvitiya-manasovedeniya.-chast-2.pdf.
39. Абакиров, К. Общие вопросы исследования системы образов эпоса «Манас» [Текст] / К.Абакиров // Universum: филология и искусствоведение. -2016. -№11 (33), –С. 18-21. nttp://7universum.com/philology.
40. Абакиров, К. Мухтар Ауэзов – манастану гылымының негіздершісі (алеуметтік-тарихи аспект) [Текст] / К.Абакиров // (казак тилинде). Вестник Евразийского национального университета имени Л.Н.Гумилева: научный журнал. –Астана, -2016. -№3 (112), I бөлім. -7-12-бб.
41. Абакиров, К. Мухтар Ауэзов жене манастану меселелери [Текст] / К.Абакиров // (казак тилинде). Вестник Евразийского национального университета имени Л.Н.Гумилева: научный журнал. –Астана, -2016. -№3 (112), I бөлім. -12-15-бб.

**Абакиров Курманбектин «Манас» эпосунун калыптанышы жана өнүгүшү» деген темадагы 10.01.09. – фольклористика адистиги боюнча филология илимдеринин доктору окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн жазылган диссертациялык ишинин**

# РЕЗЮМЕСИ

**Өзөктүү сөздөр:** айтуучу, дүйнө тааным, жанр, изилдөөлөр, калыптануу, көз караштар, классификация, манастаануу, маселелер топтому, образдар тутуму, тарыхий-баатырдык эпос, өнүгүү этаптары, элдик башаттар, эпикалык чыгармачылык.

**Изилдөөнүн предмети** – «Манас» эпосу боюнча ирдүү илимий эмгектердин ички мазмуну, козголгон маселелердин топтору жана алардын негиздүүлүк даражасы.

**Изилдөөнүн объектиси** – «Манас» эпосунун салттуу тексттери боюнча XIX-XX-XXI кылымдарда жүргүзүлгөн изилдөөлөрдөгү ой-пикирлердин эволюциясы.

**Изилдөөнүн максаты** – манастаануу илиминин генезисине, калыптануу жана өнүгүү эволюциясына окумуштуулардын олуттуу эмгектеринин жана эпостун классикалык тексттеринин негизинде илимий-теориялык талдоо жүргүзүү.

**Изилдөө методдору** – «Манас» эпосу боюнча илилдөөлөрдүн ички мазмунун алардын проблематикалык-тематикалык өзгөчөлүктөрүнө карай ажыратып, диахрондук жана синхрондук аспектилерде салыштырма-типологиялык талдоого негизделди.

**Изилдөөнүн натыйжалары жана илимий жаңычылдыгы:** диссертацияда «Манас» эпосунун өзөктүү маселелери боюнча ири иликтөөлөрдүн проблематикасы, илимий концепциялар жана алардагы үндөштүктөр менен карама-каршылыктар анализденип, манастаануу илиминин өнүгүү жана калыптануу жолдору алгач ирет илимий сыпаттоого алынды.

**Диссертациянын жыйынтыктарын колдонуу боюнча сунуштар:** изилдөөнүн материалдары жана тыянактары кыргыз эпостаануусунун, анын ичинде манастаануунун тарыхий-теориялык проблемаларына кызыккан адистер үчүн зор кызыкчылык жаратат. Аны жогорку окуу жайларында, орто мектептерде «Манастаануу» курсун окутууда, окуу китептерин жана программаларды түзүү ишинде пайдаланууга болот.

# РЕЗЮМЕ

**дисертации Абакирова Курманбека «Становление и развитие науки манасоведения» на соискание ученой степени доктора филологических наук по специальности 10.01.09 – фольклористика**

**Ключевые слова:** взгляды, жанр, исследования, исторические эпохи, историко-героический эпос, классификация, манасоведение, мировосприятие, народные истоки, система образов, сказитель, становление, совокупность проблем, этапы развития, эпическое творчество.

**Предмет исследования** – внутреннее содержание крупных научных трудов по эпосу «Манас», совокупность поднятых в них проблем и их обоснованность.

**Объект исследования** – классические тексты эпоса «Манас» и эволюция его научного осмысления в исследованиях, написанных в XIX-XX-XXI вв.

**Цель исследования** – научно-теоретический анализ генезиса, становления и эволюционного развития науки манасоведения на основе значительных трудов ученых и классических текстов эпоса.

**Методы исследования** – выявление внутренного содержания исследований эпоса «Манас» путем их дифференциации по проблемно-тематическим особенностям, сравнительно-типологический анализ в диахронном и синхронном аспектах.

**Результаты исследования и научная новизна:** в диссертации анализируются проблематика, концепции, их общность и противоречия курпных исследований по стержневым вопросам эпоса «Манас» , впервые системно рассматривается пути развития и становления науки манасоведения.

**Предложения по использованию:** материалы и выводы исследования представляют большой интерес для специалистов, изучающих кыргызское эпосоведение, манасоведение в том числе. Диссертацию можно использовать при изучении курса «Манасоведение» в высших учебных заведениях, средних школах, при составлении учебных пособий и программ по данной дисциплине.

## REZUME

**Abakirova Kurmanbek**

**Formation and development of the science Manasology**

**Doctoral dissertation on specialty10.01.09 Study of Folklore**

**Key words:** epic creativity, genre, classification, historical heroic epic, image system, narrator, worldview, Manasology, stages of development formation, views, researches, aggregate of the problem, folk origins, historical epochs.

**Subject of the research** – the internal content ofmajor scientific work of the epos “Manas”, the totality of the problems raised in them and their validity.

**Object of the research** – classical texts of the “Manas” epos and the evolution of its scientific understanding in the researches written in XIX-XX-XXI centuries.

**Objective of the research** – a scientifically theoretical analysis of the genesis, of the formation and evolutionary development of science of a Manasology based on considerable works of scientific and classical texts of the epos.

**Research methods** – identification of the internal content of the researches of the study of the “Manas” epos by way of their differentiation on the problem related thematic features, the comparative typological analysis in diachronic and synchronous aspects.

**Results of the research and scientific novelty** – the thesis analyzes problems, concepts, their generality and the contradictions of major researches on the core issues of the “Manas” epos, for the first time the ways of development and formation of the science of Manasology.

**Suggestions for use of the research:** materials and conclusions of the research present the great interest for experts exploring the Kyrgyz epic studies, including Manasology. The dissertation can be used in teaching the course of “Manasology” in thehigher educational institutions, in secondary schools, and in creating teaching tutorials in this discipline.